# НУР БУЛАК

***   *  ***

***Республикалык «Нур борбор» чыгармачыл жаштар биримкесинин Баткен областтык бөлүмү тарабынан жыл сайын чыгуучу поэзиялык адабий альманахы***

*1-чыгарылышы*

*Түзгөн:* ***Сабыралы Абдукаримов***

Ош 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Н-90

*Рецензиялаган:*
*фил. илим. канд. адабиятчы Курсан Пахыров*

*Түзүүчү: Сабыралы Абдукаримов 2012.*

*Нур булак: Республикалык «Нур борбор» чыгармачыл жаштар бирикмесинин Баткен областтык бөлүмүнү тарабынан жыл сайын чыгуучу поэзиялык адабий альманахы, жаштар үчүн*

*Алгачкы ирет жарык көрүп жаткан «Нур булак» альманахы, Республикалык «Нур борбор» чыгармачыл жаштар бирикмесинин Баткен областтык бөлүмү тарабынан түзүлүп олтурат. Ал 2006-жылы уюштурулуп, ушул кезге чейин эл арасындагы жаш таланттардын башын бириктирип, аларга кеңеш берип, чыгармачылыкка багыт көрсөтүп келген болсо, эми саамалык иретинде андагы чыгармачыл топтун чыгармаларын жалпы элге таанытууну максат кылат.*

ISBN 978-9967-26-738-1

*Альманах жаңы жазып жүргөн жаштардын чыгармаларынан, ошондой эле орто жаштан ашып калгандардын да чыгармаларынан түзүлүүдө. Анткени алардын дээрлик көпчүлүгү «Нур борбордун» учурдагы мүчөлөрү болуп саналат. (Түз. Сабыралы Абдукаримов)*
*1-чыг. 2012. 96-бет.*

Н 4702310200
ISBN 978-9967-26-738-1
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Абдукаримов С., 2012

## Шамшидин кызы Жазгүл



*Шамшидин кызы Жазгүл 1993-жылы 9-майда, Кадамжай районунун Эшме айылында жумушчунун үйбүлөсүндө төрөлгөн. №54- Эшме орто мектебинен билим алып, учурда БатМу КГПИнин филология факултетинин 2-курсунда окуйт. Студент.*

*2011-жылдын 14-ноябрында Кызыл-Кыя шаарында өткөрүлгөн, Кыргызстан жазуучулар күнүнө карата «Ыр майрам» конкурсунда, «Эң мыкты ыры үчүн» Республикалык «Нур борбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областык бөлүмү жана «Үмүт нуру» коомдук саясий жана адабий көркөм газиттинин диплому менен сыйланган.*

### ЭМНЕ КЫМБАТ?

Эх, жаштык, жаштык,
канча ирет жаңылыштык.
Таттырчы, бол даамыңдан,
дагы бир жарым кашык.

Жалының алоолонтуп,
күн сайын жалындаган.
Баркыңды билбегендер,
ал үчүн арман кылган.

Өзүңдөн достор таптым,
өзгөлөр буза алгыс.

Жашоодо ар кырдаалда,
ал мага жолдош калыс.

Досторум жанда дайым,
күч кубат берип турат.
Өмүрдө мындан артык,
Айткыла эмне кымбат**?**

## СЕЗСЕҢЧИ

Тагдырым тартуу эткен,
таалайым өзүң белең?
Өмүрүм өтсө экен,
түбөлүк өзүң менен.

Жашоодо жалгыздатпай,
ар убак бирге болчу.
Жолукчу тоскоолдукта,
жөлөгүм өзүң болчу.

Тагдырга ыраазымын,
өзүңдү жолуктурган.
Бир болбой калсак эгер,
бул мага бүтпөс арман.

Сен келчү жолду карап,
күн сайын күтө берем.
Сезимим сендиктигин,
сезсеңчи жаным эркем.

## КИМДЕН ТАБАМ?

Сезимди талкалаган,
Сен болдуң жаным агам.
Сүйдүрүп койгонуңду,
Сыр кылып элден каткам.

Жан дүйнөм аңтарылып.
Жүрөгүм ооруп барат.
Дартына даба болчу,
Даарыны кимден табат?

## АТАКЕБАЙ

Атакебай, мен мурунку жаш эмес,
Ал шоктугум жаштыгымдан бир элес.
Өттү жылдар, токто тартып баратам,
Сагынсам да ал күндөрүм эч келбес.

Тентек кызын тегеренип ойноочу,
Жол боюнда дале турат карт терек.
Мезгил келди балким акыл токтоду,
Муңайбачы атакебай эртелеп.

Сагынычтан минтип жазып ырларды,
Сага арнап олтурамын атаке.
Акын болсом элдин жүгүн көтөргөн,
Атасынын кызы экен деп айтат ээ.

## САДРИДИН КЫЗЫ НООРУЗГҮЛ



*Садридин кызы Ноорузгүл Кадамжай районунун Жал айылында 1993-жылы 10-апрелде жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. 2010-жылы Барпы Алыкулов атындагы орто мектебин аяктап, учурда БатМУ КГПИнин 2-курсунун студенти.*

*2011-жылы 14-ноябрда Кыргызстан жазуучулар күнүнө карата өткөрүлгөн, «Ыр майрам» конкурсунда, «Эң мыкты поэзиясы үчүн» Республикалык «Нур борбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областык бөлүмү жана «Үмүт нуру» коомдук саясий жана адабий көркөм гезиттинин дипломy менен сыйланган.*

## КЫРГЫЗСТАН МЕНИН МЕКЕНИМ

Кыргызстан менин ыйык мекеним,
Кең дүйнөмдө, сен деп жашап келемин.
Окшото албайм өзгөлөргө өзүңдү,
Ошондуктан жүрөгүмдө ишеним.

Элибиздин баары тегиз мейман дос,
Достук улуу чын дилиңден колуң соз.
Бийиктикти Ала-Тоодон үйрөндүк,
Дилибизге чын дилиңден дилди кош.

## ЭНЕЛЕР

Апа деген алмашпаган алтын сөз,
Жете билсең кадырына курдашым.
Кара көздөн тунук жаштар акпасын,
Наристелер кадыр күтүп уктасын.

Угулбасын, ыйдын ызгаар кошогу,
Болбосо экен энелердин бошоңу.
Тирүүлүктүн туусу турсун желбиреп,
Болсок дагы бул дүйнөнүн коногу.

Энелердин бололучу бактысы,
Алдейлеген аппак нурлуу ак кызы.
Айдын дагы, Күндүн дагы төгүлгөн,
Ата-энебиз жарык таңдын шатысы.

## АЙЫЛДЫН КЕЧТЕРИ

Сагындым айылдын кечтерин,
Ар убак ойногон көчөдө.
Айлуу түн кыз-жигит сырдашкан,
Суу бойлоп, кетишкен өзөндө.

Себелеп ак жамгыр айылды,
Айлантчу жап-жашыл көктөмгө.
Кучакка сиңирип боз улан,
Кызартчу беттерди өпкөндө.

Кызарып батар күн тоолордо,
Кыйылып турчу эле баталбай.
Түн бою булбулу сайрачу,
Түйшөлгөн балдардай жаталбай.

Сагындым айылдын кечтерин,
Балалык журт кылган кыялдар.
Сезбепмин өмүрдүн өтөрүн,
Уттурбай жашашар туйгандар.

## ТАЯТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ
**Сапар Мамажановго**

Өмүрүң ушунчалык кыска беле,
Алыстап бизден узак кете бердиң.
Артыңда канча иштер калып кетти,
Ишенип кимдерге сен таштап кеттиң?

Ыйладык, азап тарттык, жоктодук да,
Аны сен туйдуңбу же туйбадыңбы?
Сен өңдүү кечке жүргөн небирең бар,
Каратпайт эч бир жаңга уйларыңды.

Ырларың үй бурчунан сени күтүп,
Келиниң Ранаханга карап коет.
Ойлоруң асман айга чабыт жасап,
Ырларың эми сага боек болот.

# ЭРНАЗАРОВА ЖАННАТ



*Эрназарова Жаннат 1963-жылы Ноокат районуна караштуу Салиева колхозунда, колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. Орто билимдүү. Ырлары Кызыл-Кыя шаардык «Мезгил жарчысы», «Үмүт нуру» гезиттерине байма-бай чыгып, «Жаңы дүбүрт» алманахында жарыяланган. Үй кызматкери.*

Эл оозунда эп айтылып жүргөндөй,
Эсен болсун, көзүң ачып көргөнү.

Үмүт менен өстүргөн уул-кызынын,
Экөө бирдей көрсүн өсүп-өңгөнүн.

Жалгыздыкты башка салса көнөсүң,
Сен сураба айтпайын жүрөк күйгөнүн.

Туткасы жок куруп койгон эшиктей,
Жалгызга да көрүп көзүм үйрөндү.

Кош жылдыздай ээрчинишкен каараны,
Көрсөм кетет арман жашым тамылып.

Жүрөм, кантем жазган экен тагдырдын,
Калганынын күнүн тилеп зарыгып.

## МЕЙЛИ ДОСУМ

Мейли досум ойноп күлөйүн,
Өксүктүктүн өзөгүнө жетеби же.
Тооруган азап менен бул тагдырым,
Тааныбай анда алыс кетеби же.

Чачайын шат күлкүмдү бүт ааламга,
Чын эле бакыт-таалай утабы же.
Чоочулап арт жагына бир кылчайып,
Тааныбай аты ким деп сурайбы же.

Таанышып алгандан соң бакыт менен,
Байлык да достук колун сунабы же.
Жүз буруп кеткен курбу дос, тууганым,
Шыбырап эле койсом угабы же.

Соолуган үмүттөрүм боюн түзөп,
Көкөлөп көңүл кушум учабы же.
Күндүзгү ай жылдызга жарашыктуу,
Жашоого жибек көйнөк бычабы же…

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Салам сага элим, жерим,
Өмүр тура сенин демиң.
Өзүң көрүп бил дедиңби,
Ырыскысын бөтөн элдин.

Шайыр күлкүм ачык черим,
Көбүн бардай тоолор кемин.
Бекер шылтоо болгон экен,
Табалбастан жашоо эбин.

## ОРУС ЖЕРГЕСИНДЕ

Кышы узун карлуу куюн тозуган,
Ак тулпарлар каламбы деп озунган.
Туф дегенде жерге түшпөй түкүрүк,
Тоңуп калат баш бакканда оозуңдан.

Жазы жарык жашыл кийим кийинген,
Талаа шаңдуу эмгек, үмүт, ийгилик.
Уйкум качат караңгы түн изденип,
Жалгыз түндө калган өңдүү бүт бийлик.

Жайы көркөм карап, карап канбаган,
Мандалак гүл, алма багы жайнаган.
Кызыл, жашыл өрдөк куштун түрү көп,
Күнү-түнү музыкадай сайраган.

Күзү кырман, картошкасы төгүлгөн,
Эли жөндөм иши менен көрүнгөн.
Кыз-күйөөгө көзүн түшсө суктантат,
Бири ага, бири эже тутунуп
Орун берет жылуу үйдүн төрүнөн.

# ЖЫРГАЛБАЙ КЫЗЫ ЖЫПАРГҮЛ



*Жыргалбай кызы Жыпаргүл 1994-жылы Кадамжай районуна караштуу Көк-Талаа айылында төрөлгөн. Кудайкул Сатаров атындагы орто мектепти бүтүп, учурда Кызыл-Кыя шаарындагы № 7-Кесипчилик лицейинин тигүүчү бөлүмүндө окуп жатат.*

*Ырлары «Үмүт нуру» гезитинде жарыяланган.*

## АЙЫЛЫМ

Ардагым сенсиң айылым,
Алыста жүрсөм сагынам.
Булбулуң сайрап ар таңда,
Укмуш жыт келет багыңан.

Сууларың агып жылгадан,
Жанаша бассаң сергитет.
Абасын кара таңдагы,
Көңүлдү дайым эргитет.

Туулган айылым тунугум,
Мен үчүн ыйык улуусуң.
Башкага билбейм мен үчүн,
Баарынан кымбат сулуусуң.

## АПАКЕМ

Карыдың апа карыдың,
Кар басып аппак чачыңды.
Калгым бар сени картайтпай,
Токтотуп азга жашыңды.

Бөбөлөп бизди өстүрүп,
Бейиштей күнгө жеткирдиң.
Биз үчүн бакыт төксөң да,
Бөксөрбөй келет кейишиң.

Апакем менин апакем,
Алтыным, күнүм, берекем.
Ала-Тоо өңдүү турасың,
Ай, Күнгө сени тең десем.

## ТАГДЫР

Чаңга булап чатыраган оюмду,
Чагылгандай бөлдүң тагдыр жолумду.
Жаштыгымды аябадың, билбедиң,
Жаркыраган таза тилек корумду.

Оттой жанып өткүм келет дүйнөдөн,
Ким бар дейсиң бир өзүңдү сүйбөгөн.
Бир бактымды сенден издеп мен келгем,
Берериңе ишенемин түпкүрдөн.

# ПАХЫРОВ КУРСАН



*Пахыров Курсан (Пахыр Чандеки) 1951-жылы, Кадамжай районуна караштуу Чандек айылында, карапайым адамдын үй -бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Учурда БатМУ КГПИде иштейт. Филология илимдеринин кандидаты, доцент.*

*Анын «Өмүр асиреттери», «Асман көктө бирдей турат жылдыздар», «Мансур менен Калык жана алтын балык», «Курсан Пахыр Чандекинин казалдары», «Кыярган кеч», «Кадыр түн» аттуу китептери жарык көргөн.*

## ҮМҮТТҮҮ КҮНДӨР
### (Ыр түрмөк)

Жалбырактар сапырылып күз болду,
Сагынычтуу көңүл жазгы күндөрдө.
Кыярган кеч кызгылт нурга боелду,
Үмүттүү күн, өмүр өчпөс дүйүнө.

Деңиз чалкыйт мемиреген көгүш түс,
Көңүлүмдү алыстарга арзыткан.
Обону бар, кумары бар бул бир ыр,
Эңсөөлөрдөн, сагынычтан көз жарган.

Шыбыргактайт күзгү жамгыр эшикте,
Туман чалган бозгулт дүйнө, коюу түн.
Аппак таңга үмүт менен эртеңге,
Арзуулары өнөт өчпөс сүйүүнүн.

Жалбырагы самсаалаган дарактар,
Түн сиңирип, тыптынч гана уйкуда.
Шыбыр айтат шыбыраган тамчылар,
Кулак түргөн түнкү мухит сырдаана.

* * *

Шыбыргактап кар баштады бүгүн кеч,
Кайдадыр учуп өттү ала каргалар.
Түнсүз мухит, боз чалгындуу иңирде,
Шыбырашат сыр айтышат дарактар.

Самсаалаган ичке мажүрүм бутактар,
Көтөралбай карды учу жер чиет.
Кар жамынган күзгү кечте дарактар,
Жалбырагы али түшүп бүтө элек.

Сапарымда арзып көңүл сагынган,
Сырдашымсың жүнүйөмдө эң жакын.
Бир төгүлүп алуу үчүн сактаган,
Күтүүлөрүм шыбыргагы ак кардын.

Күзгү кечте, кар баштаган иңирде,
Кайырлашпай кетип калдык таарыныч.
Арзып келген үмүт толо бул кечте,
Толуп-ташып кайрып келер сагыныч…

* * *

Каркыралар кайда учуп кетишти,
Кыйкуулаган үнү калды кулакта.
Кесип өтүп көз мелжиген мухитти,
Канат каккан элес калды асманда.

Ойлорумдан тумар кылып мойнуңа,
Таккым келди ак кагазга дубалап.
Каркырадай асман мелжип сапарда,
Өтсө дедим өмүр жолун тууралап.

Катар-катар турна катар адамдар,
Сапары бир, келиш-кетиш ыраакта.
Кызыгы шу-бирдей эмес тагдырлар,
Эне жерден руху туташ ааламга.

Мелмилдеген көкмөк деңиз жээгинде,
Шарпылдаган толкундары айбаттуу.
Таазим кылып турамын Эне Жерге,
Асман бою-дилим тооба, тазаруу.

* * *

Балпаландап кар жаар балким эртеңге,
Аз убакыт алыстарга айрылык.
Тунжураган жарык өчпөс терезе,
Көөдөнүмдө купуя сыр, жаңырык.

Кош дебейли, коштошууга али эрте,
Акыркы эмес жамгырлуу түн, күзгү кеч.
Алыстарга алып учат делебе,
Сагынычтын оту чексиз, ченебес…

Жолугабыз көзгө тааныш жолдордо,
Ошондо да алтын, сары күз болор.
Аппак мөңгү чагылышып тоолордо,
Балким анда жылдыз толгон түн болор.

Сени эңсейм балалыгым бараандуу,
Мезгил менен сулуулугуң өлчөнгүс.

Учкан куштай артта күндөр аялуу,
Дүйнө, өмүр, үмүттүү күн өзгөргүс…

## РУБАИЛЕР

Жошкун дүйнө шар-шаралар аралаш,
Өмүр өтмө-түгөнгүс да, табылбас.
Туюп-туйбай, уйку-соодой тирүүлүк,
Улуулукта бир ирмемге арзыбас.

Түрлүү өңдөр, түркүм боек түр оңбос,
Көкмөк асман, көңүл гүлү жоголбос.
Каршылыктан оту жанып жашоонун,
Кайыл келген акыл өзүн жоготпос.

Асылдыктар алтын менен ченелбес,
Өтөр өмүр жакшылыктар эскирбес.
Тутка болгон жарыктыкка түбөлүк,
Ыйык ыйман нуру асти кемибес.

Досу-жарлар жан жагыңда өнөктөш,
Дос-жарансыз көңүл гүлү гүлдөбөс.
Ынтызарлык ички дүйнө, сулуулук,
Мээримдердин шарапаты төгүлбөс.

Тагдырыңда тушкар болор канчалар,
Туйгун адам туштап көңүл оорутпас.
Жолугар бир жокчулуктун жону бош,
Март адамдар берип карзын доолабас.

Жакшылык кыл, бири-бириңе көмөктөш,
Жакшылыксыз дүйнө бир чөл гүл өспөс.
Жакшылыктын шарапаты тирүүлүк,
Бакылдыктын багы асти көгөрбөс.

Корсулдаган тотон көңүл оорутар,
Сөз маанисин туюп, билип аңдабас.
Бычак уруп, дил жаралап, сыздаткан,
Наадандыгын, акмактыгын байкабас.

Дилде өңдү бабалардын ыргагы,
Обон болуп кыйырларга арыбас.
Ошол обон агып турсун булактай,
Булак суусун ичкен дүйнө карыбас.

* * *

Мейман болуп келдик эле жарыктык,
Дүрү-дүйнө насип күнгө раазылык.
Бейопоо деп тирүүлүккө наалыба,
Опоо болуп эч бир нерсе калалбас.

Келди-кетти, өтөр-кетер жолоочу,
Шардаанда өмүр жолун улоочу.
Чын дүйнөдө түбөлүктүү бейишиң,
Жарыктыктын бир күндөй болалбас.

Кемчилдиги такыр бүтпөс тирүүлүк,
Канат кылбай жеңил ойлор жүгүрүк.
Сабыр кылмак асылдыктын белгиси,
Шүгүрчүлүк ак жолунан адашпас.

Акыретте бирдейликти унутпа,
Менменсинип өзгөлөрдү пас тутпа.
Жүз жыл жашап түшсөң ажал отуна,
Солдон оңго караганча болалбас…

*  *  *

Жарыкчылык түркүм дүйнө тирүүлүк,
Ышкы-кумар, ынтызарлык солубас.
Озуп өтүп мараларга арыбай,
Буудан болгун, ташыркабас, арыбас.

Учкан куштай мезгил өтөр билинбей,
Өткөн өмүр кайра артка кайрылбас.
Туш-тушунда сапар санап туйлаган,
Тулпар болгун узун жолдо чаалыкпас.

Сырдуу дүйнө самоо менен санаалар,
Сабыр-канат жеңип чыгар жеңилбес.
Бийиктерден алыстарды көздөгөн,
Туйгун болгун өткүрлүгү кемибес.

Көздүн нуру, өчпөс мээрим, тунуктук,
Ыйман-ыйбаа, ызат-урмат түгөнбөс.
Адам болгун аты улук ыйыктык,
Улуулуктан рух дүйнөсү бөлүнбөс.

## БЕЙТ

Айтыларга шай болуп айтаарым менин,
Өзгөрөр өктөм мезгил кайтаарым менин.

Чандеки тоолорунда мекеним менин,
Чандөлөш дилгир, дилим зирегим менин.

Кыйырларга кыялап кыялым менин,
Кылчайып учкан кушка ыйлаарым менин.

Бийик жер, бийик калар бейитим менин,
Зыяратка арзылык шейитим менин.

Жайнамазым-акка бурар жүзүм менин,
Ак жол ак, тунук дилим сүйгүм менин.

Өлбөсүм, өмүр шерик өнөрүм менин,
Тагдырым, ырыскы-насип көрөрүм менин.

Жакшылык күндөр бул-жарлыгым менин,
Жаш күнүм жараным-барлыгым менин.

Жаратканга жалбарар момунум менин,
Барлыкка шүгүр кылар топугум менин.

Аалам аман, жер кезер дербишим менин,
Асма куржун мойнумда эртеңим менин.

Асан кайгы, коркунчак жүрөгүм менин,
Аманчылык ашыгым, сүйгөнүм менин.

Бойго жеткен боз улан кез бозум менин,
Боектуу күн, бактылуу кез достум менин.

Ызаат кылдым улуулар, урматым менин,
Ыйбаа кылдым Алладан ыйманым менин.

Чын дүйнө, жалган дүйнө барлыгым менин,
Туйбаган туюк күндөр арманым менин.

Ынтызар-ышк отунда жанмагым менин,
Жаханым-рухум болуп калмагым менин.

Ырымдын ыйы-көксүмдө сырым менин,
Өмүрлөр азиз дегим, аярым менин.

Улуу тоолор Чандеки турагым менин,
Бүтпөс дүйнө-ардагым, аманым менин…

## ЖЕКШЕНОВА РОЗА



*Жекшенова Роза 1962-жылы Нарын областындагы Чаек айылында жумушчунун үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Эмгек жолун Жумгал районундагы райондук гезиттен баштаган. Жергиликтүү радио түйүнөн, Республикалык радио берүүлөргө чейин даярдап келет. «Кылмыш жана жаза» гезитинде кабарчы, редактор болуп эмгектенген. Кесиби боюнча журналист.*

*Ырлары республикалык басма сөздөрдө, альманахтарда жарыяланган. «Белгилүү эркек» аттуу прозалык чыгармасы менен кеңири таанылган акын.*

## СЕНИН ЖЕРИҢДЕ

Бир көрсөм деп эңсөөчү элем жериңди,
Көңүлүм тойду көркөмүнө айылдын.
Арзып барып издеп сени таба албай,
Бир үзүмү калды айылыңда кайгымдын.

«Баланчыдай баатыр чыккан бу жерден…»
Деген сөзгө не теригип токтодум.
Сендей уулдун билип-билбей кадырын…
Туулган жериң тузу кемге окшоду.

* * *

Көңүлдүн көчү көөшүлүп турду жериңде,
Тууган жер сени ыр жандуу кылып өстүргөн.
Буйрубай мага, тартылчу бир көк көшөгө,
Келини болбой, буйрубай тузу өксүгөн.

Буйрубай мага апаңдын каткан жоолугу,
Буюгуп жалгыз өзүңдү күтүп олтурам.
-Уулуңдун тентек сезимин каткам жүрөккө,
Башымды сайгам, баары бир ага кошулам,

Учурган шамал уурдаткам жаштык кезимди,
Кош дебейм айлым, баары бир сага келемин.
Акындын пири, акындын жары дедиртип,
Айылыңа өчпөс сүйүүнүн гүлүн себемин.

Ардагым басып, дал ушул жерден жол алып,
Адашкан болсо, өзүңө кайра апкелем.
Атажурт колдо, жоолугум салам келинге,
Бу менин анттым бекер сөз эмес, дегдеген.

## КАЛЫС БАА

Элдер корккон сенин өрттөй сапатың,
Оттой сүйүп калганыма кейишимби?
Майнап чыкпас жашык өмүр кечирип,
Акты деле кара түстө дейминби?

Көкүрөктөр таанып турса бир-бирин,
Ак сезимди неге алыс түртөлүк.
Же сүйүүгө тең болалбай калдыкпы,
Ташты көсөп өскөн назик гүлчөлүк.

Аянычыңды кантип коем аңдабай,
Туткун болуп чыкпай куру намыска.
Кесири урар келген сүйүү-бакытка,
Кези келди береличи калыс баа.

# АБДУКАРИМОВ САБЫРАЛЫ



*Абдукаримов Сабыралы 1963-жылы Жалал-Абад областындагы Ноокен районундагы Богот айылында механизатордун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Балалыгы Аксы жергесинде өткөн. Эмгек жолун Аксы райондук «Жаңы турмуш» (Учурдагы «Аксы турмушу») гезитинен фото кабарчылыктан баштаган. Кесиби журналист. КМУнун журналистика бөлүмүн бүткөн.*

*Андан кийин «Кыргызтелефильм» киностудиясында, «Таш-Көмүр жарчысы», «Нарын нуру», «Достук», «Мезгил жарчысы», «Көк Арт нуру», «Үмүт нуру» гезиттеринде кабарчылыктан, башкы редакторлук кызматтарына чейин аркалаган.*

*Учурда Кызыл-Кыя шаарындагы №7 Кесипчилик лицейинде директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басар болуп эмгектенет.*

*Анын «Кош данек», «Мамактан тамган махабат», «Казан асманы», «Ата Журтка таазим» аттуу ыр жыйнактары, «Желедеги көз жаш» аттуу прозалык китеби жарыкка чыккан. «Канатсыз карлыгачтар» драмасы, Араван районундагы №65-КЛнин алдындагы «Үмүт» театрында коюлган.*

*Кыргызстан жазуучулар бирлигинин мүчөсү. Республикалык «Нур борбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областтык бөлүмүнүн коомдук башталыштагы төрагасы.*

## СӨЗДӨН КУРАП

Ысык күндүн аптабында кактанган,
Ырчы торгой үнүн безейт кол чабып.
-Уккула-деп кыйкырамын төбөдөн,
Укмуш алптар өткөн мындан жол салып.

Акын алпы Алыкул бар, Жолон бар,
Андан калса Турары бар,Мукан бар.
Салам айтып бүгүн өтүп бараткан,
Сабыры бар, санай берсек дагы бар…

Алп акындар баскан жолдон бут таят,
Мен да алардай жол салгым бар кыр менен.
Сөздөн курап солкулдабас көпүрө,
Сонун аалам ачкым келет ыр менен.

## АЙГҮЛГӨ

Коңгуроодой үнүң калып жүрөктө,
Көөдөнүмдө калдың гүлүм өрүлө.
«Айгүл»-дешти,-Айгүлмүн-деп тааныштың,
Айгүл гүлүн берип жатып өзүмө.

Айгүл гүлү ажайып гүл, асыл гүл,
Айлуу түндө ажарына тойбой үр.
Тектегендей тигип турам көзүмдү,
Таажысынан тамчып түшөр бүчүрдү.

Сулуулуктун сымбатына жетпес сөз,
Суктандырган керемет гүл Айгүл өс.
Желге ыргал желегиндей Баткендин,
Жетсин мээрим, жетпей калсын суук көз.

x x x

Көкүрөгүм күйүп барат акырын,
Эмнегедир күз жамгырын сагындым.
Күйпөлөктөйт куруп кеткир жүрөгүм,
Кусалыкка толгон өңдүү тамырым.

Шамал шашпай үйлөп отту очоктон,
Жалындарга жан тарткандай бошонгон.
Ары-бери аяр сылап чачынан,
Актангандай болот кызыл чоктордон.

Тагдырымдын сырын айтып тамчылар,
Тилегимдин тилин билген өңдөнөт.
Кышкы тонун кийген менен бак-дарак,
Асман дале күрс-күрс оор жөтөлөт.

## КҮН БОЛЧУ МАҢДАЙЫМА

Жалбырактар чачылып ээн жолдо,
Жалгыз келем сыр чечип сансыз ойдо.
Жан шеригим, асылым, алыссың сен,
Жан кейитип а бирок капа болбо.

Сага деген сырым бар сактап келем,
Сар-санаага батсам да ойдо жеңем.
Эч ким аны сезбестир, сездирбеймин,
Оюң таза өзүмдөй сени билем.

Баардыгы бир, сен теңсиң баардыгына,
Аялуусуң айаймын аялсың да.
Ак куу сымал периштем болуп өзүң,
Жарык чачкан күн болчу майдайыма.

## ТАШЫ ДА ТҮГӨЙТ

Кыйырын издеп кылымдын чогун кечкендей,
Кыйналам кээде кыл чайнап жутуп өмүрдүн.
Кыскасын неге таппадым экен бактынын,
Кыш өңдүү кетип тез эле келген көктөмдөй.

Алсырап турам аргасын таппай абалдын,
А балким байкуш көлдөгү жаткан чабакмын.
Ай болуп элге, Күн болуп журтка көрүнгөн,
Аялдын жары эл үчүн турган сакамын.

Тегирмен-турмуш.Теңи эмес
сызык жарыктын,
Абайла жаным аз күнгө жанган жарыкмын.
Адам го адам, эң кыска өмүр жашы бар,
Айланып турган ташы да түгөйт чарыктын.

## КЭЭДЕ КҮЛҮП

Сапырылып сансыз тилек ойлорум,
Жөө тумандай жортуп барат акырын.
Карегиңден тамчылаган көз жашың,
Кайра дагы агылбасын жашыгым.

Теңиримден тилегеним  бакыт да,
Бакыраң көз кагылайын каралдым.
Жашооңо каалайм эми ийгилик,
Алыстарда болсом дагы чакырым.

Дөңгөлөктөй тоголонот убакыт,
Алыстарда дале мени эстээрсиң.
Айыбымды, актыгымды салмактап,
Кээде ыйлап, кээде күлүп жүрөрсүң.

## АЙ ЖАРЫГЫ

Күн ысыгы калып көңүлдө,
Көөдөнүмдө жүрөт тымызын.
Көрүндүк бер жаным көргөзөм,
Окшоп кетет ага кылыгың.

Ай жарыгы жаным жанымда,
Абайлагын сынып калбасын.
Албыраган сенин жүзүндөй,
Аялуу жан аста карагын…

## КАЛАБЫ?

Жүрөгүмдүн тилип арасын,
Тирүүлүктүн туюп жарасын.
Түн жамынып неге ырдадың,
Тилсиз калган жүрөк дастанын.

Жан кейиткен арман муң кайгы,
Жашообуздун болуп күйүттү.
Тагдырларда эми калабы,
Ташка айланган сүйүү үмүттү?

## ЖОГОЛОТ

Садагасы сабыры суз сүйлөшүң,
Сөз сүйлөсөм муруңкудай күлбөдүң.
Карегиңдин кабат-кабат жашынан,
Карлыгачтай болуп турду күмөнүм.

Ыйлагандан ырыс кесең бөксөрбөйт,
Ыйлабастан кургатып ал жашыңды.

Жакшы максат үмүттөрдөн кол үзбө,
Колдойт ишен Датка, Саткын, Жаңылды.

Сенден күткөн ой-максатым бул эмес,
Дөөлөт жалпак, бакыт деген тоголок.
Кылымдардын кыйырынан калса да,
Муз тоолордун бийиктиги жоголот.

## ЖОМОК БОЛОР

Гүлдөр күбүп сан миң түркүн боегун,
Жашап өтөр жаман-жакшы күн менен.
Өмүр өтүп калар бизден арман да,
Жомок болуп сөз айтылар түн менен.

Бир күн келип ал жомоктун баянын,
Ырдап балким чыгар бирөө күү менен.
Кайтпагандай кайра артына улуу Күн,
Кайтып анда баралбайбыз жомоктон.

Айрылуубуз арман болор башкага,
Аңыз сөздөр кем калышпай болоттон.
Биздин сүйүү ыйык таза болсо да,
Табалбайбыз акак болор жоголгон.

## ЭҢ БИЙИК

Кулу болсо болгондурмун тагдырдын,
Каалаганча Кудай берип бул дарман.
Бирок билем аял заты эң улук,
Менден дагы сен кыларсың көп арман.

Билем, билем жүрөк күйүп жазылды,
Бир кадамдап өйдөлөтүп жашымды.

Өмүрүмдүн өзөгүнө өрт коюп,
Өмүр чиркин жаш кайтканда азгырды.

Мен өңдөнүп дагы бирөө үшкүрүп,
Айлуу түндө олтургандыр жер чийип.
Сүйүү даамын татпай өтүп кеткенче,
Сүйүү үчүн жан бергендер эң бийик.

## БУРХАНОВ СРАЖИДИН



*Бурханов Сражидин 1953-жылы Кадамжай районуна караштуу «Бирлик» айыл өкмөтүндөгү, Сырт кыштагында төрөлгөн. 1969-жылы орто мектепти бүтүп, Фергана элге кызмат көрсөтүү техникумунун «Радиотехник» факультетине кирген. Аны бүткөн соң, Ош радио уктуруу борборунда, Айдаркен совхозунда сүрөтчү-кооздочу, АТСте монтер болуп иштеген.*

*Учурда Ош ПВЭСтин Айдаркендеги «Борбордук» подстанциясында электрик болуп эмгектенет.*

*Колунан көөрү төгүлгөн уста, сүрөтчү, элдик даарыгер, акын.*

*Анын 2004-жылы «Сүйүүгө таазим» аттуу ыр жыйнагы жарыкка чыккан.*

## СЕН ДАГЫ

Сен дагы мага арнап жүрөгүңдү,
Бирөөлөрдү мага окшотуп жүрөсүңбү?
Кызганып, же сүйүүгө шек көбөйтүп,
Айла таппай көңүл чөгүп жүдөдүңбү?

Сен дагы мага окшоп күйүктүңбү,
Өксүтүп көрөм деген үмүттүңдү?
Сагынып, каткан китеп ичин ачып,
Сүйүп беттен жүрдүң бекен сүрөтүмдү?

Уйкусуз сансыз түндөр өткөрдүңбү,
Сооротуп мени сүйгөн жүрөгүңдү?

Жолукчу күндү эңсеп чыдам кетип,
Эсебин таба албай күйөсүңбү?

Унутпай эсте тутуп сүйгөнүңдү,
Сагынып жол утурлап жүгүрдүңбү?
Көргөндө көңүл кетти толуп-ташып,
Сен дагы мага окшоп сүйүндүңбү?

Көрүүгө миң зар болуп сүйөсүңбү,
Көрүшсөк ыйлайсыңбы күлөсүңбү?
Мен сүйүп, сени дагы сүйөт ко деп,
Жок нерсеге же алданып жүрөмүнбү?

## ТУМАР БОЛУП ТАГЫЛГЫН

Ойдо жокто издегендей табылдың,
Жүрөк өйгөн оорулардан айыктым.
Койчу эми өкүнбөйлү өткөнгө,
Мен жактырган гүлүм болуп ачылдың.

Сүйкүмдүү бол, жүрөк сени сагынсын,
Бүтүн кылып бул жашоонун жартысын.
Ак сүйүүнүн актыгына жетүүгө,
Кош жүрөктөр пайгелерин чабышсын.

Күнүм болгун мүрөгүндөй жарыктын,
Башка нурлар алсызданып калышсын.
Арам ойдон, жаман сөздөн калкалап,
Жүрөгүмө тумар болуп тагылгын.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Жалгыздык мага жакты бүгүн келген,
Күүлөнүп жүрөгүмдүн кылын черткен.
Нотаны таанып билбес манжаларым,
Шоктонуп бир башкача күүнү терген.

Жалгыздык мурда сенден коркот элем,
Чочулап жүргөн экем эркиндиктен.
Бир максат коюп минсем ой тулпарын,
Мен ага эчак эле жетмек экем.

Жалгыздык бул жомоктун мекени экен,
Кабылчу кызыктарга кокус кирсең.
Унутуп тушап койгон түйшүктөрдү,
Куш болуп көкөлөйсүң учуп жүргөн.

## КЫЗДЫН СЫРЫ

Менде да бар сеникидей жүрөгүм,
Сыр жашырып кыздык кылып жүрөмүн.
Ох, түшүнсөң боло кыздын назына,
Сен сүйгөндөй мен да сени сүйөмүн.

Бизге берген ар-намыстын сүттөйүн,
Ыйык сезип шарттын бузуп өтпөдүм.
Өз ичимден кыз болгонго өкүнүп,
Отко түшөм сени көргөн күндөрүм.

Жок нерсеге кыткылыктап күлгөнүм,
Сенин оюң менен өзүм болгонум.
Жигит болсоң болчу дагы шогураак,
Ойчул болуп кыз айласын түгөттүң.

# БОЛСОМ

Жай болсом бүт дүйнөгө өмүр чачкан,
Суу кылып аска кышта тоңуп каткан.
Махабат гүлгө айланып өсүп чыкса,
Табын берген ал күнүмө сыймыктанам.

Түн болсом ашыктардын сырын каткан,
Сүйүшүп, сүйүшкөндөр ышкы ашкан.
Сүйүнүп ал бакытка үлүш кошсом,
Өмүргө арманым жок өтүп жаткан.

Жамгыр болуп керек кезде төгүп-чачсам,
Чөл кубарып турган кезде көркүн ачсам.
Жалгыз гүл үзүр алса тамчым сиңип,
Булут болсом, мейли өмүр бат таркаган.

# КЕҢЕШ КЫЗЫ АЙПЕРИ



*Кеңеш кызы Айпери Ноокат районунун Т. Зулпиев айыл өкмөтүнө караштуу, Калдай айылында 1991-жылдын 28-октябрында жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. 2008-жылы «Калдай» орто мектебин аяктап, учурда БатМУ КГПИнин 4-курсунун студенти.*

*2011-жылы 14-ноябрда Кыргызстан жазуучулар күнүнө карата өткөрүлгөн, «Ыр майрам» конкурсунда, «Эң мыкты поэзиясы үчүн» , Республикалык «Нур борбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областык бөлүмү жана «Үмүт нуру» коомдук саясий жана адабий көркөм гезиттинин диплому менен сыйланган.*

*Ырлары «Ноокат таңы», «Алтын өрөөн», «Мезгил жарчысы» гезиттеринде жарыяланган.*

## АТАМДЫН СӨЗҮ

Алтын кызым көп жыл күткөн бакытым,
Өттү мына балалык кез жаштыгың.
Бойго жеттиң эске кирип жетилдиң,
Кулагыңа күмүш сырга айтканым.

Билесиңби, бул турмуштун жалганын,
Андай экен эч жамандык кылбагын.
Азык болор ата сөзү балага,
Аз болсо да айтаар сага насаатым.

Эч талбагын оку дайым изденгин,
Улуусубу, кичүүсүбү «сиз» дегин.
Турмуш сырын чечүү кыйын жан кызым,
Билелек көп, бир аз гана билгениң.

Жалкоо болбо жаман  сапат адамда,
Күттүрбөгүн айткан жерден кеч калба.
Жакпайт жанга чакырбаган коногуң,
Чакырса бар, чакырбаса эч барба.

Билим берсе акыл айтса кимде-ким,
Ал кишини устазым деп билгиниң.
Устаз сага менден дагы улуураак,
Менден мурда мугалимдин ал тилин.

Досторуңдун кызыкпагын санына,
Андан көрө, жетип үйрөн баркына.
Учкан куш дейт убакытты, мезгилди,
Дайым умтул кадам ташта алдыга.

Бакыт өзү келбейт сага жүгүрүп,
Өзүң аны сыйлай билгин жүгүнүп.
Капа болуп эч бирөөнү таарынтпа,
Сени көрсө турсун дайым сүйүнүп.

Жаман ойду акылыңа киргизбе,
Акылдуу бол апаңа сөз тийгизбе.
Тарбияны кайсыл адам берген деп,
Атасы жаман, апасы начар дегизбе.

Сенден далай жакшы тилек үмүтүм,
Көргүм келет эмгегимдин үзүрүн.
Энең сага махабатын арнаган,
Умтул дайым актоо үчүн ак сүтүн.

Алтын кызым адал эмгек жасагын,
Өрнөктүү бол үлгү болуп жашагын.
Үмүттүмдү бекер көккө сапырба,
Элдин жүзүн мен да тике карайын.

Жараткандан бата сурайм өзүңө,
Мен куштармын ийгилигин көрүүгө.
Жамандыктан оолак болчу берекем,
Жакшы изиң калсын деймин өмүрдө.

## ЭСЕНОВ КАНЫБЕК



*Эсенов Каныбек 1962-жылы Кадамжай районуна караштуу, Сырт айылында, дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1979-жылы орто мектепти аяктап, Фергана шаарындагы № 33-кесипчилик техникалык окуу жайына кирип, 1980-жылы «Бал аарычы устаты» кесибине ээ болгон.*

*1980-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физмат факультетине кирип, аны 1984-жылы ийгиликтүү аяктаган.*

*Учурда адистиги боюнча эмгектенип келет. Анын Буга чейин «Геометрия сонатасы», «Геометрия поэмасы», «Геометрия санаты» аттуу окуу колдонмо китептери жарыкка чыккан.*

### ЭР САЙЫШ
***(Поэмадан үзүндү)***

Керней, сурнай бакылдап,
Жарчысы болсо жакылдап.
Эр сайышка жар салды,
Сагызгандай шакылдап.
Далылары оркойуп,
Боконо сөөгү болкоюп,
**Тик бурчтук** чыкты сайышка,
Атка минип чоркоюп,
Эгизден болсо эңкейип,
Тулку бою деңкейип,
**Конус** чыкты алардан,
Тоотпостон керкейип,

Туулга башта жаркылдайт.
Ат туягы тарсылдайт.
Калыстык кылып ортодо
Вектор болсо карсылдайт.
Сайышка тандап аймакты,
Колдорго найза карматты.
Фигура башы кылкылдайт,
Найзанын башы жылтылдайт.
Чоколор бутта чойкоет.
Атаандаштар койкойот.
Алыстан жерди ээлешип,
Бирин –бири мээлешип,
Чарайнасын тагынып,
Бетине тоскуч жамынып.
Түйүлгөн муштай камынып.
Жөнөштө эми чамынып.
Найзалар учу чабышып,
Тизелери кагышып,
Чартылдашып чагышып,
Өтүштү эми жанышып…

## ЖАЛЫНДУУ ЖАШТЫГЫМ
***(Санат)***

Бассам, турсам жарашкан,
Барман болгон жаштыгым.
Арак ичип адашкан,
Арман болгон жаштыгым.
Демигип намыс талашкан,
Дарман болгон жаштыгым.
Билекте күчүн сынашкан,
Балбан кезим жаштыгым.
Чалыкпай далай кыр ашкан,

Чабан демим жаштыгым.
Кырча бассам карашкан,
Кыялы чорт жаштыгым.
Буттарым басса талбаган,
Бура кубат жаштыгым.
Опуруп ишти жалмаган,
Оолуккан убак жаштыгым.
Ар ишке кайра тартпаган,
Ар намыстуу жаштыгым.
Көргөнүн дайым кармаган,
Көрөгөч көсөм жаштыгым.
Ыңгайы келсе алдаган,
Ыймансыз өткөн жаштыгым.
Ооматы келсе айдаган,
Оопасыз кеткен жаштыгым.
Бир ишти миңге байлаган,
Билерман өткөн жаштыгым.
Көп ишти далай жайлаган,
Кыраакы эсил жаштыгым.
Черин жазып сайраган,
Чечен элең жаштыгым.
Кылычын дайым кармаган,
Касташып өткөн жаштыгым.
Маалында күнү жайраган,
Масташып өткөн жаштыгым.
Доорунда көңүл майлаган,
Достошуп өткөн жаштыгым.
Күркүчтөтүп мал айдап,
Күрүлдөп өткөн жаштыгым.
Дүйнөсү түмөн жайнаган,
Дүркүрөп өткөн жаштыгым.
Жегенде  курсак тойбогон,
Жемсөөсү кенен жаштыгым.
Жалындап күндө ойногон,

Жайрадың элең жаштыгым.
Жыргалын күндө ойлогон,
Жаннати элең жаштыгым.
Жолукса жолдо койбогон,
Жоругу белең жаштыгым.
Сүйүүгө күндө тойлогон,
Сүмүрөң өткөн жаштыгым.
Сүйгөнгө каттап бойлогон,
Саксактап өткөн жаштыгым.
Сүйүнүп, жыргап жойлогон,
Сүргүндөп жүргөн жаштыгым.
Спирт суу ичип сойлогон,
Сүйрөлүп өткөн жаштыгым.
Түн уйку безип жандаган,
Түнөрүп өткөн жаштыгым.
Шаттыкты дайым самаган,
Шайыр бир өткөн жаштыгым.
Түбөлүк жарын тандаган,
Түркүн бир өткөн жаштыгым.
Түгөйгө жанын арнаган,
Түйшүктүү өткөн жаштыгым.
Таарынып кээде барбаган,
Таалайын кечкен жаштыгым.
Куштарлап ишти каалаган,
Кумарлуу өткөн жаштыгым.
Көңүлдү ишти балаган,
Коогалуу өткөн жаштыгым.
Көөдөнгө сезим багылган,
Көөнөрбөс сырдуу жаштыгым.
Көркөмгө көөнү агылган,
Көздөрү сындуу жаштыгым.
Жамалын күндө сагынган,
Жароокер элең жаштыгым.
Жарагын белге тагынган.

Жоокер элең жаштыгым.
Озунуп жоого камынган,
Оолугуп женген жаштыгым.
Ортодо жоосу чабылган,
Оңкосун берген жаштыгым.
Оожалып алга чамынган,
Оргуштаган жаштыгым.
Олжосу жолдон табылган,
Ооматы келген жаштыгым.
Учканда канат кайрылган,
Убайым тарткан жаштыгым.
Умтулуп бардан айрылган,
Умсунуп калган жаштыгым.
Жоолашып найза сайылган,
Жарадар болгон жаштыгым.
Жабыркап жалаа жайылган,
Жазага толгон жаштыгым.
Жүрүштө жолу жабылган,
Жүйөөсүз өткөн жаштыгым.
Жүктөн жону сабылган,
Жүдөтүп кеткен жаштыгым.
Жаалы келсе жалындап,
Жалтанбаган жаштыгым.
Чагы келсе чагылган,
Чартылдаган жаштыгым.
Ичине сыры көмүлгөн,
Илдеттүү өткөн жаштыгым.
Ийгилик коштоп көрүнгөн,
Илептүү өткөн жаштыгым.
Кайгыга оюу чөмүлгөн,
Кападар өткөн жаштыгым.
Колунан көөрү төгүлгөн,
Кайраты чаар жаштыгым.
Санаасы санга бөлүнгөн,

Саргазап тарткан жаштыгым.
Саябан куруп көңүлдөн,
Сайранга баткан жаштыгым.
Махабатка арбалып,
Маанайы чөккөн жаштыгым.
Маркадар таап өмүрдөн,
Мазасын көргөн жаштыгым.
Канаттын көккө күүлөгөн,
Кайраттуу өткөн жаштыгым.
Он гүлү баары ачылган,
Оргуштаган жаштыгым.
Сестентип адам сүрдөгөн,
Сөөлөттүү өткөн жаштыгым.
Дөө-шаасын сүйрөгөн,
Дөөлөттүү өткөн жаштыгым.
Кеп айтып, кесип сүйлөгөн,
Кекейип өткөн жаштыгым.
Толкутуп деңиз үйлөгөн,
Деми күчтүү жаштыгым.
Эй, жаштыгым, жаштыгым,
Билбедиң достун кастыгын.
Эй, жаштыгым, жаштыгым,
Билбедиң өмүр аздыгын.
Өмүр түмөн эскертип,
Олтурасың жаздырып.

# МАМАЖАНОВ САПАР



*Мамажанов Сапар 1947-жылы Өзбекстан Республикасынын Фергана районуна караштуу, Ак-Арык айылында трактористин үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Айдаркендеги № 2 орто мектепти бүтүп, ШСУда жумушчу болуп эмгек жолун баштаган.*

*1964-жылы Оштогу педагогикалык институтуна кирип, аны бүткөн соң, Халмиондогу Токтогул атындагы орто мектепте иштеген. Өмүрүнүн 40 жылын агартуу майданына арнаган Сапар агай, жөнөкөй мугалимден, мектеп директорлугуна чейин жетип, коомдук иштерге да өзгөчө салым кошкон.*

*Өмүрүнүн аягына чейин мугалимдик кесибин аркалап, № 31-Барпы Алыкулов орто мектебинде эмгектенип келген.*

*Чыгармачылыкта мыкты төкмө, чебер сатирик экендигин далилдеген.*

## КЕЛИНИМ РАНАХАНга

Көңүл толкуп Ранаханга кубанам,
Жараткандан узак өмүр суранам.
Келин болдуң, апа болдуң бактылуу,
Биздин үйдө адамзатын улаган.

Бирдей көрөм Нооруз, Калыс кызымдай,
Эркин сезгин эч нерседен кысынбай.
Кубат болуп дайым бизге дем болгун,
Уулум менен өмүрүбүздүн кышындай.

Бүркөлбөсүн ачык болсун кабагың,
Күлүп жайнап күндө жасап тамагың.
Камыр туурап наның жасап жадырап,
Таза болсун жууган казан, табагың.

Оорубастан ден соолугуң чың болсун,
Чарчабастан ар бир ишке тың болгун.
Аткарылсын баардык максат ойлоруң,
Не кааласаң бул турмушта бүт болсун.

Биздин үйдүн «шефи» болуп жүргүлө,
Уулум экөөң таттуу өмүр сүргүлө.
Бир бириңди капа кылбай сыйлашып,
Бул жашоодо кубаңгыла күлгүлө.

## КҮЛСӨҢ БОЛДУ

Көңүлгө дайым сени ала берем,
Көрүнсөң көз кырымды сала берем.
Өтөсүң эч бир жерде көрбөгөндөй,
Өкүнүп, улутунуп кала берем.

Билбеймин неге сени самай берем,
Жалдырап жамалыңды карай берем.
Жаралып бир мен үчүн арман болуп,
Башкага түгөнбөгөн талай белең.

Күйдүрөп жүрөгүмдө жана берген,
Көңүлдө түбөлүккө кала берген.
Астырттан жактырамын мүнөзүңдү,
Алыстан өтүп барып карай берген.

Жүрөктө сендик дартым билсең болду,
Саламат узак өмүр сүрсөң болду.
Өзүңө айда жылда жолукканда,
Уялып уялыңкы күлсөң болду.

## ЫРЧЫ КАРЫНДАШЫМ

Жамалың суктандырып жалдыратты,
Ырдасаң жан дүйнөмдү магдыратты.
Музыка жоктугун билдирбестен,
Үн кошулуп Гауян суусу агып жатты.

Олтуруп көк майданга жарашыктуу,
Талантың тартууладың ырга шыктуу.
Эң назик уккулуктуу обонуңду,
Аска тоо, арча, кайың жыргап укту.

Куплеттер кезек менен жаңыланып,
Ырларың уюп уктук моокум канып.
Аңтарып сезимдерди козгоп жатты,
Качаңкы өткөндөрдү эске салып.

Таланттар биздики эмес, жалпы элдик,
Оргуштап чыга албастан дымып келдик.
Төрт акын сага ылайык сөздөр таппай,
Сени биз чоң артис болсун дедик.

Билдирбей ырчылыгың жалпы элге,
Көмүскө мукам үнүң калат неге?
Бир эжең сени сезип даңктабаса,
Талантың эч ким билбей калат беле?

## ЖЫРГАЛДА ЭЛИМ ЖАШАСЫН

Мылтыктын огу чыкпасын,
Тынчтыкты жолдоп элибиз.
Мемиреп балдар уктасын,
Замбирек үнүн укпасын.

Жамандык такыр болбосун,
Эл оңолсун, оңолсун.
Калк мүлкүн кайсап жалмаган,
Жегичтер эпсиз жоголсун.

Арпа, буудай себилип,
Бош калбай жерлер эгилип.
Мол түшүм үчүн дыйкандар,
Кетменин чапсын керилип.

Өзгөрүп өлкөм кулпунуп,
Музыка турсун угулуп.
Жыргалда элим жашасын,
Ыр кесе күндө сунулуп.

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы жок болсо,
Ырыскы качат үйүңдөн.
Ынтымагы  бар жерге,
Жакшылык өзү жүгүргөн.

Ынтымагың жок болсо,
Кошунанаң менен урушуп.
Жаман атка коносуң,
Жүрсөң чеке тырышып.

Ынтымак болсо өлкөбүз,
Өркүндөп өсөт өнүгүп.
Жакшылык болбойт эч качан,
Митинге алсак көнүгүп.

Чатакташып, чырдашып,
Эл намысын ойлойлу.
Ынтымак болсо ырыс бар,
Жашайлы жыргап тойлойлу.

Ынтымагы жок элдин,
Ырыскысы чачылат.
Кедей болуп элдери,
Чет жактан душман асылат.

# КУТПИДИН КЫЗЫ АЗИЗА



*Кутпидин кызы Азиза 1990-жылы 30-августа Кадамжай районуна караштуу Халмион айыл өкмөтүндөгү, Жошук айылында жарык дүйнөгө келген. 2008-жылы № 12- Жошук орто мектебин бүтүп, учурда БатМУ КГПИнин филология факультетинин орус тили жана адабияты адистигинин 4-курсунун студенти.*

## МЕНИН АЙЫЛЫМ

Ата конуш асыл жерим Жошугум,
Көркөмүңө көз артамын дайыма.
Жайдыр-кыштыр өзгөчө бир көрк берген,
Суктанамын кереметтүү айылыма.

Алтын турак киндик каным төккөн жер,
Башка жерди теңебеймин өзүңө.
Сайма сайган тукабадай көрк берген,
Бир өзгөчө көрүнөсүң көзүмө.

Мөмөлөрүң мөлтүрөгөн Жошугум,
Кызыл өрүк, жүзүм сенин төрүңдө.
Дасторкондун кутун ачып төгүлгөн,
Эргүү берип, шык кошосуң өмүргө.

Ырахаттуу турмуш сенде Жошугум,
Элдин жүзү эмгек менен жаркыган.

Суугa кенен, жыргалчылык артылып,
Талааң таңшып, тоодо бүркүт шаңшыган.

Көркөмүңө көрк кошулуп Жошугум,
Ар бир аткан салкын жыттуу таңында.
Күнөстүү күн ырыскынды төгө бер,
Куш сайраган өрүк зарлуу багыма.

Кереметтүү ыйык ата конушум,
Кебелбеген касиетүү болушуң.
Мээрим төгүп, тынч жашоого үндөгөн,
Бак дөөлөттү, кут ырыстуу Жошугум…

Аталардын каада-салттын улантып,
Ырыс кешик тең бөлүнөт элиме.
Бабалардын жолун улап балдары,
Жарап келет урпактардын кемине.

## ОШОНДОГУ

Ошондогу айлуу түнү көктөмдүн,
Кечээгидей көз алдыда элестейт.
Үмүт менен сени күтүп сагынып,
Жаш жүрөгүм азыр деле сени эстейт.

Ошол түнү жымыңдаган жылдыздар,
Сырыбызга күбө болуп жатышкан.
Бейпил түнгө ай шооласы чачырап,
Экөөбүздү кучагына катышкан.

Айланага назик жытты аңкыган,
Кезек эле өрүк бүрдөп гүл ачкан.
Чиркин өмүр ошондогу айлуу түн,
Бир өмүргө кетпей калар жадымдан.

Саамайымды сылап түнкү айдарым,
Чачтарымды ойнойт желге ыргалтып.
Ак гүлдөрү айга карап жылмайган,
Өрүк гүлүн эстей берем түн катып.

Өрүк гүлү ай нуруна чагылып,
Дарактарга күмүш теңге байлаган.
Оттой жанып махабатым ошондо,
Балкып турду бейиш өңдүү айланам.

# КАБЫЛОВА УУЛБҮБҮ



*Кабылова Уулбүбү 1948-жылы Кызыл-Кыя шаарындагы, Ак-Булак айылында мугалимдин үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктагандан кийин, Жалал-Абад шаарындагы кооперативдик техникумунда, андан кийин Самарканд шаарындагы кооперативдик институтунан билим алган. Өмүр бою соода тармагында эмгектенген, эмгек ардагери.*

*Ырлары «Мезгил жарчысы» гезитинде жарыяланган. «Мен бактылуу энемин» аттуу ыр жыйнагы жарыкка чыккан.*

*Учурда ардактуу эс алууда.*

## КЫЗЫЛ-КЫЯМ

Кызыр атам баскан жол,
Кара алтын казган кол.
Күнөөстү менин шаарым,
Кылымдар бою аман бол.

Элдериң эркин жашашат,
Чындык жолун талашат.
Тарбия алган жаштарың,
Дайыма сени баалашат.

Ордолуу окуу жайларың,
Жемиштүү «Айбек» базарың.

Үйлөрүң бийик жол таза,
Көргөндө көңүл ачарым.

Жадырап жайнап өсө бер,
Ай асманга болгун тең.
Гүлдөрдү тигип көчөгө,
Ынтымак жашайт биздин эл.

Элдериң эмгек жолунда,
Тагдырың жаштар колунда.
Өйдөлөп дайым өсө бер,
Ырдайлы шаарым тоюңда.

## ТОЙГО КААЛОО
**(Балам Толкунбек менен келиним Динарага)**

Жаш кезектен туура келди оюңар,
Куттуу болсун он беш жылдык тоюңар.
Турмуш татаал, туура басып өткүлө,
Түбөлүккө бактылуу жар болуңар.

Жигит элең көргөндөрдү суктанткан,
Сулуу элең  көп кыздардан муңканткан.
Экөөбүң тең урпак улап келесиң,
Небирелер өсүп жатат кубанткан.

Келинимсиң күлүп көңүл толтурган,
Бүтпөгөндү дароо гана болтурган.
Мен каалаймын жакшылыктын баарысын,
Силер үчүн төрүңөрдө олтурам.

# ӨКҮНӨМҮН

Өкүнөмүн жазылбаган ырларыма,
Өкүнөмүн айтылбаган сырларыма.
Жаштыкка азгырылып аттаганат,
Өкүнөмүн өзгөрүүсүз калганыма.

Өкүнөмүн окшошкон күндөрүмө,
Өкүнөмүн жетпеген үндөрүмө.
Жазгандарым жарык көрбөй аттаганат,
Өкүнөмүн өрчүбөгөн сөздөрүмө.

Өкүнөмүн үзүлгөн үмүттүмө,
Өкүнөмүн жарым болгон бүтүнүмө.
Кадырыңа жетпестен бул жашоодо,
Өкүнөмүн өтүп кеткен өмүрүмө.

# ЭЛЕСИН КӨРҮП ТУРАМ

Аталар арабызда аз калдыңар,
Кан төгүп, бизге өмүр арнадыңар.
Жеңиштин 67 жылдыгында,
Ак тилек айтып бакыт каалadыңар.

Атамдын көзүн чогуу көргөнсүңөр,
Андыктан силер мага өлбөссүңөр.
Атамдын элеси бар араңарда,
Ал менен чогуу бирге жүргөнсүңөр.

Кызырдай бийик улук аталарым,
Жыл кезип бошоп барат катарларың.
Калкыңдын кадырына күмөн кылба,
Көктөтүп барат берген баталарың.

## ЭЙ, ЭНЕЛЕР

Эй, энелер кандуу жолго баспайлы,
Сак бололуу көзгө жашты албайлы.
Анча-мынча ачууларга алдырып,
Эй энелер жер кучактап калбайлы.

Эй энелер чындык жолго баштайлы,
Наристелер убалына калбайлы.
Кыргыз эли бөлүнбөсүн, бөлүнбөйт,
Эй энелер биз тынчтыкты сактайлы.

Эй энелер туура жолду тандайлы,
Түндүк-түштүк деген сөздү таштайлы.
Жакшысы да, жаманы да биздики,
Насаат берип эне бурчун актайлы.

## ЖАН ЭЛЕК

Жазгы жамгыр себелеп,
Жалганчылар келе элек.
Жамандыкты билбеген,
Жакшы гана жан элек.

Күзгү жамгыр себелеп,
Көп жүздүүлөр келе элек.
Көрүнгөндү сыйлаган,
Кандай укмуш жан элек.

Нөшөр төгүп сел болду,
Жакшы заман серт болду.
Ата-бала тартышып,
Мышык менен ит болду.

Аялдары ак болду,
Арам оокат карк болду.
Акчалар чечип баарысын,
Адал тамак жок болду.

Кышкы жамгыр себелеп,
Көр пенде башын тебелеп.
Кыйын күнгө биз калдык,
Кыргыйдай болгон жан элек.

# АЯЗОВА ТАЖИГҮЛ



*Аязова Тажигүл 1959-жылы Кадамжай районундагы Кара-Жыгач айылында туулган. Ошол эле жердеги Козубай орто мектебин бүтүп, андан кийин Совет шаарындагы кесиптик окуу жайына кирип, ал жерден тигүүчүлүк кесибине ээ болот.*

*Билимин жогорулатуу максатында Россиядагы Кострома шаарындагы технологиялык техникумуна кирип, ал жерден тигүүчү-устат адистигин алат.*

*Анын ырлары райондук, шаардык «Ильич нуру», «Мезгил жарчысы», «Алтын өрөөн» гезиттеринде басылган.*

*Учурда үй кызматкери.*

## САГЫНЫЧ

Киндик каным тамган жерим Ата-Журт,
Сагындым мен айылымды, элимди.
Аалам кезип жүрсөм дагы айланып,
Табалбадым өзүңдөгү мээримди.

Ата-Журттум эңсегенде баралбай,
Күндө, түндө ой-кыялым өзүңдө.
Түшкө кирип түн жарымында ойгонуп,
Уюп калган кусалыктар көзүмдө.

Туулган жерим, Ата-Журттум асылым,
Кайда жүрсөм, кайра өзүңдү сагынам.
Кусаланып көздөн учкан карааның,
Артык ыйык, каным менен жанымдан.

Ак мөңгүлүү аска зоолор курчаган,
Ата-Журтум өзүң менен мактанам.
Ашып –ташып толкундары чачылып,
Оюн салат койнуңда Исфайрам.

## КАЙРА КЕЛДИМ

Каным, жаным, элим, жерим Мекеним,
Кайда жүрсөм кайра өзүңдү эңседим.
Карааныңдан кагылайын Ата-Журт,
Кыялбаган бир боорумдай экенсиң.

Карапайым тоолук элим ток пейил,
Толкунданам толгонуп сезимдерим.
Мен алыстан сагынып келгенимде,
Куунак болуп көңүлүм эркелеймин.

Аскар тоодой карааның сенин демиң,
Кичи пейил меймандос тоолук элим.
Жан-дүйнөмдү толтуруп кусалыкка,
Айланчыктап өзүңө кайра келдим.

## ТАЛАПКЕРДИН АНТЫ

Кагылайын элим менин,
Суук желден тосоюн.
Ыйласаңар сооротуп,
Ынагыңар болоюн.
Караңгыда жол жүрсөң,
Нур чырагы болоюн.
Күндө келип суу алган,

Булагыңар болоюн.
Кагылайын калайык,
Кадырыңа жетейин.
Какшып жаткан каналга,
Суу чыгарып берейин.
Өз элимдин алдында,
Жалган сүйлөп нетейин.
Айткандарым кылбасам,
Журттан көчүп кетейин.
Кулдук уруп жүгүнгөн,
Кул болоюн силерге.
Даяр шайлуу токулган,
Ат болоюн минээрге.
Парламентке шайланып,
Барып калсам эгерде.
Эл кызматын аткарып,
Жарайт элем керекке.

## ТАЕЭНЕМ МЕНЕН БАЛАЛЫК

Кучагым толуп, кубаныч менен бакытка,
Куурчак ойноп кумарым канбас оюнга.
Жаркылдап тийген күнүмдөй болуп күлүңдөп,
Мээримге бөлөп таеэнем жүрчү жанымда.

Ал кезде менин булутсуз болгон асманым,
Көпөлөк кууп, гүлдөргө толуп жан-жаным.
Көйкөлө басып таеэнем жүрсө жанымда,
Көңүлүм көктө, көкөлөп уччу ар дайым.

Илинбей көзгө мезгилдер суудай агылды,
Эңсеймин өткөн бактылуу бала чагымды.
Өтмүштө калган балалык чакты эскерип,
Күбөсү болуп күңгүрөк дайра чамынды.

## СУРАЧЫ ЖАШТЫГЫМДЫ

Сурачы сулуу таңдан,
Тоолордон, талаалардан.
Сурачы жаштыгымды,
Көктөгү булуттардан.

Артынып кетти бекен,
Ак куулар кайкып учкан.
Азапка салып мени,
Ойлорум уктабаган.

Сурачы жазгы гүлдөн,
Туулган жаңы күндөн.
Сурачы жаштыгымды,
Жылдыздуу айлуу түндөн.

Кумсарып өңдөн азган,
Кусалуу сагынычтан.
Билемин жаштыгымды,
Сары-санаа уурдап алган.

## БАР БЕКЕН?

Жамгырдай себеленип,
Жан-дүйнөмдөн
Серпилип сезимдерге.
Канат бүткөн
Символу сүйүүлөрдүн
Сулуу кербез,
Шыбырайт жай сыланган
Жашыл көктөм.

Желпинип жел канатын
Жайган кезде,

Жетелеп бирин-бири
Булут көчтү.
Жазылган өтмүштөрдүн
Тагы өчпөй
Жан-дүйнөм жараланып
Муңга чөктү.

Азгырык үмүт бийлеп,
күндөр өткөн
Бири кем жаралганбы
дүйнө түптөн.
Бар бекен бул дүйнөдө
Куштар болуп,
Өмүрдө мени сүйүп
Эңсеп күткөн.

## ТООЛОРУМ САГА КОНОКМУН

Тоо койнунда төрөлөп,
Тоо койнунда торолдум.
Кайда барсам тоорулуп,
Тоолоруma оролдум.

Элесиң эңсеп сагындым,
Аркайган бийик тоолорум.
Делебе козгоп делгиртип,
Түшүмө кирип койбодуң.

Кайрылып кайра оролуп,
Тоолорум сага конокмун.
Кыялдар бийлеп өзүмдү,
Ичинде калдым жомоктун.

## МАМАТОВА САМАРА



*Маматова Самара 1985-жылы Кадамжай районуна караштуу, Үч-Коргон айыл өкмөтүндөгү Калтак айылында жарык дүйнөгө келген. «Манас-Ата» орто мектебин аяктагандан кийин, алгачкы эмгек жолун, Кызыл-Кыя шаарындагы «Мезгил жарчысы» гезитинде корректор болуп баштаган. Андан кийин кабарчы, жооптуу катчы кызматтарын аркалаган.*

*Ырлары мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланып жүрөт.*

*Колуна комуз алып ырдап, аткаруучу катары да белгилүү. Шаардык, областтык кароо сынактардын жеңүүчүсү.*

## КИМСИҢ СЕН?

Кимсиң сен айтчы жаным,
Билдирбестен жүрөгүмдү уурдаган?
Түн каракчы болуп жүрбө,
Туш тараптан тузагына чырмаган.

Кимсиң сен айтчы жаным,
Жүрөгүмдүн теңи белең.
Жалгыз жанды адаштырган,
Же жазгырчу шумкар белең?

Ээлеп алдың жүрөгүмдүн,
Боштук жерин калтырбай.
Байладыңбы ойлорумду,
Өзгө жаңга бардырбай.

Түшүндүрүп айтчы жаным,
Тагдырыңды, таалайыңды?
Жылдыз санап сени менен,
Түбөлүккө каламынбы?

## КАЛАЛЫЧЫ БҮТҮНДӨЙ

Калгым келет сени колдон учурбай,
Эртеңки күн болбойт кайра ушундай.
Ташка айланып калуууга да даярмын,
Бакыт жоктур мага ушул учурдай.

Сүйүүбүздүн пайдубалы бүтөлбөй,
Калгычакты көпчүлүктүн бириндей.
Махабаттын өлбөстүгү үчүн деп,
Ташка айланып калалычы бүтүндөй.

## МЕЙЛИ ЭЛЕ

Ооба, сен улуусуң менден бир топ,
Үлпүлдөгөн ойлоруң таңкы бубак.
Көздөрүңө карап-карап чөгүп кетем,
Тереңине жан дүйнөнүн ачкыч сурап.

Түбөлүк калгым келет жүрөгүңдө,
Тирүүлүк тийген күндөй өчпөс болуп.
Сен менин кол жетпеген Күнүм болдуң,
Мейли эми канча болсо азап-шорум.

## САГА

Бир саамга көпчүлүктөн ажырачы,
Бакытым, шумкарымсың асырачу.
Бөтөн жан укпай турган, билбей турган,
Бир сөз бар жалгыз гана сага айтчу.

Жанымда эч ким жокто өзүң жүрсөң,
Жаркырап нуруң чачып мага күлсөң.
Жашыруун эч ким укпас сөздөрүмдү,
Жан эркем жалгыз гана өзүң билсең.

Күнүмсүң жылуулугуң чачып турган,
Күлмүңдөп жаралгансың шоола нурдан.
Канчага кыйнайсың сен чыдамым жок,
Кысылды, жанчылды го жүрөк курган.

## МЕН СҮЙГӨН ЖАН

Кайгы-муңга аралаш болот-дейт шаң,
Калың булут болсо да атат-дейт таң.
Кандай десең өзүңдөн бирок билгин,
Калк ичинде бир сенсиң мен сүйгөн жан.

Өтүмүш эмес бул жашоо таалайымдан,
Өткөн күнүң билемин маңдайыңдан.
Өзүңө арнап ыр жазган уйку безип,
Өзгө эмес ошол мен сен сүйгөн жан.

Жылдап боло бербестир үлпөт-той шаң,
Жылда жылып кайрылат ызгаар, суук жаан.
Жалган эмес, ишенгин, билип жүргүн,
Журт ичинде бир сенсиң мен сүйгөн жан.

Кылмыш болбойт жараткан көрбөй турган,
Ким бар экен жаралып өлбөй турган.
Тирүүлүктө бир өмүр сени сүйүп,
Калган болсо өзүң-деп-колун сунган.

Бар жашоодо билип жүр, сен сүйгөн жар.

## КЕЧИР АПА

Кечир апа, кебелбеген асманым
Ким тартпаган бешенеге жазганын.
Кемтиги бар кызыңды сен кечиргин,
Кейибечи таап алган аскасын.

Санаа тартып убайымга батпачы,
Садагасы-болбойт ал-деп чанбачы.
Капилеттен калгам ага багынып,
Кездешкенде шагы сынат какпачы.

Кечир апа, кемтиги бар кызыңды,
Сүйүү күүсүн чертип ырдайт сыбызгы.
Сен да мендей тентек болсоң керек ээ,
Тайнем өңдүү алып турам тынчыңды.

## ИСИРАТИЛЛА КЫЗЫ АЙСУЛУУ



*Исиратилла кызы Айсулуу 1994-жылы Кадамжай районундагы Майдан айылындагы, Кереге-Таш жергесинде төрөлгөн. Туулуп өскөн айылындагы орто мектепти бүткөн соң, Кызыл-Кыя шаарындагы № 7- Кесипчилик лицейиндеги тигүүчүлүк бөлүмүнө кирип, учурда андан билим алып жаткан чагы.*

### КАЙРЫП АЛАР КҮН БАРБЫ?

Таңым атам, күнүм атам сен элең,
Таш боор ажал ак, караны билбеген.
Алып кетти алыстарга өзүңдү,
Чакырымга мен жүгүрүп жетпеген.

Күлмүңдөгөн жылдыз элең, Ай элең,
Өмүр суусу бат түгөнчү жан белең.
Эрте-кечте күтүп жүрөм өзүңдү,
Сени кайра кайрып берер бар бекен?

### БОЛОЙУН МЕН

Акындардан Жоомарт жагат жаныма,
Алп дүйнөнү сыйдара алган койнуна.
Андан дагы Тенти эжени бийик дейм,
Акындыктын жүгүн алган мойнуна.

Түн төшөлүп, төгүп сырын кагазга,
Комуз күүсүн черткен окшойт жүрөктөн.
Бир комуздун үч кылындай үн салып,
Ырларын да жүрөгүндөй сүйлөткөн.

Болгум келет, Тенти эжедей акын кыз,
Тегеренткен ырларында дүйнөнү.
Болсо экен менин жарым Жоомарттай,
Болойун мен ошол жандын сүйгөнү.

# ЖОРОБЕКОВ АБДУНАЗАР



*Жоробеков Абдуназар 1952-жылы Ош областына караштуу Ноокат районундагы «Ынтымак» айылында жарык дүйнөгө келген. 1968-жылы «Ынтымак» орто мектебин бүтүп, Ош шаарындагы кесиптик лицейден билим алган.*

*1974-жылы КМУнун филология факультетине кирип, аны аяктаган соң, эмгек жолун «Ынтымак» орто мектебинен китепканачы болуп баштаган. Андан кийин мугалим, мектеп директору болуп иштеген.*

*Учурда Кызыл-Кыя шаарындагы «Мезгил жарчысы» гезитинин башкы редактору. Кыргызстан Журналиттер союзунун мүчөсү.*

*Ырлары мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланып келет.*

## ТУУЛГАН ЖЕР

Көркөмүң суктандырган далай элди,
Ноокатым арзуум бар чексиз демдүү.
Абшырың айтып бүткүс улуу дастан,
Ала-Тоо мемиреген ырыс кендүү.

Кара-Кой, Капчыгайың, Алтын-Бешик,
Эл айткан ыйык жерге чанда келип.
Сезимди сергитебиз ал да чындык,
Сен үчүн бак-дөөлөттү күнгө шерик.

Ноокаттым алтын уям, кымбат жерим,
Жөнөкөй кыргыз мүнөз тууган, элим.

Сен үчүн бүт өмүрдү арнасам да,
Көтөрө албастырмын мүлдө четин.

## НЕБИРЕМ

Үйгө барсам көзгө толуп небирем,
Үмүтүмө үмүт кошом ичимен.
Башын жыттап бакыт табам байкалбас,
Чарчоомду унуткарып ишимден.

Балбылдаган көздөрүн айт, мурдун айт,
Бабыраган бал тилин ук, сөзүн айт.
Таалайыңа талпына бер кулунум,
Майрам дешет мага күндө Улуу Айт.

## АПАКЕМЕ

Апакем асылым, ардагым,
Көңүлгө гүл бакчам жакыным.
Өмүрдүн тилеймин узунун,
Жашоодо түгөнгүс азыгым.

Апакем алтыным, берекем,
Не сага дүйнөдө теӊ экен?
Жүрүңүз жүрөктө сакталып,
Ааламда жашоо бар кеп-кенен.

## КЕЛ, КӨРҮШӨЛҮ

Көңүл чөгүп көп күндөрдүн биринде,
Көргүм келди билсең сени сагынып.

Кошунанын кызын көрүп эстедим,
Ал келиптир кызыл бантик тагынып.

Сен да анда жүрчү элең сереңдеп,
Кош бантикти тагып арткы чачыңа.
Эсиңдеби байлап коюп бантикти,
Таяк жегем мен эжейден, партага.

Эстедим да күлүп алдым бул ирет,
Тентек элем, шоктугума арданбайм.
Азыр калдым токтоо тартып азыраак,
Көрүшөлү, бантигинди байлабайм.

# ТӨЛӨНӨВА ТОЛГОНАЙ



*Төлөнова Толгонай 1985-жылы Кадамжай районунун, Халмион айыл өкмөтүнө караштуу Таш-Дөбө айылында жарык дүйнөгө келген.*

*2004-жылы Баткен мамлекеттик университет-тинин, Кызыл-Кыя шаарындагы филалына тапшырып, кыргыз тили жана адабият сабагынын мугалими болууну каалаган эле. Студент кезинде эле ырлары «Алтын өрөөн» гезитине жарыяланып турган.*

*Ыр жандуу Толгонайды шум ажал арабыздан эрте алып кеткен менен, анын поэзиялык ыр саптары биз менен калды.*

## АК ЖОЛУМДА ЖОЛУГАР

Ойноп-күлүп эч армансыз жүргөн элем,
Каткырыктар убактылуу болгон белем?

Жүрөктө бир жылуулук делебемди,
Байкабай көп жылдарды сүйгөн элем.

Сүйүү эмес булар баары жаш кумар,
Сезимдерим туйган экен шол жылдар.
Жүрөгүмдү жалындаткан чын сүйүү,
Кудай десем ак жолумдан жолугар.

Жылдар жылып баратса да арадан,
Жолукпадык чын сүйүүгө кайрадан.

Жүрөгүмдүн түбү кайнайт үмүттүү,
Арзууланып алдыдагы жылдардан.

Неге мени сен мынчалык тебеледиң,
Күндөрдүн күкүмүнө теңебедиң.
Эң кымбат ак сүйүүмдү аздектелген,
Гүл кылып сунсам дагы кенебедиң.

## АР КЫЛ САП

Көптү көксөп ойлорум уча берет,
Ойлорум-ойлоруму удул келет.
Кээде чарчап көздөгөнгө жете албай,
Ойлорум ойрон болуп кайрып берет.

* * *

Кыялымдын агына жашап куунап,
Бирерде ара жолдо калам суусап.
Кетсе эгер бүт баарысы менден узап,
Сузданат көңүл кушум төмөн кулап.

* * *

Болсом дейм Токтогулдай төкмө акын,
Ырга салып дүйүнөнүн бардыгын.
Кош канатым жүрөгүмдүн толтосу,
Ырлуу өмүр көңүлүмдө кымбатым.

* * *

Ойлоп-ойлоп ой түбүнө жетпедим,
Кунары жок өтүп жатты кечтерим.
Сап-сап болуп ак баракка төгүлгөн,
Жан сырыма жолдош болуп келемин.

* * *

Буулукканда сени самап эстеймин,
Эстегенде көзүм күйгөн элесиң.
Ойлоп сени ойлорума жеталбай,
Чөгүп кетем түпкүрүнө терендин.

* * *

Угар белең, кыйкырыкты жүрөктөн,
Эстен кетпей жүрөгүмдө турасың.
Менден башка сүйүктүүң бар болсо,
Жүрөк кыйнап неге ачык айтпадың?

* * *

Кайдан келип, кайда кеттиң сен деги,
Азап бербей сагындырып кел бери.
Ыссыгыңа, суугуңа чыдаймын,
Оо, биринчи махабатым дилдеги.

* * *

Алоолонуп күн нурундай жанасың,
Жан дүйнөмү жанар тоодой жарасың.
Мени канча кайгы азапка салбагын,
Сен баари бир мага абдан жагасың.

* * *

Тирилик деп жарыктыкты сүйөбүз,
Сууда сүзүп ысык оттой күйөбүз.
Акыркы ирет дем алгыча сени деп,
Күйкөлөктөп далбас уруп жүрөбүз.

* * *

Сени деймин бирде өлүп, тирилип,
Сен дегенде менин жаным чимирик.

Бирде ташмын, бирде найын жибекмин,
Босогоңо келем дайым ийилип.

* * *

Жаздын жайкы жели желбиреп,
Терезеден көзүм термилет.
Алыс тартып зарыктырып карааның,
Демеп сезим кучагыңды эңсетет.

## ЫР МЕНИН

Ыр деп кыйкырсам ким келет?
Дүйнөмө зымырык үн берет.
Тагдырым нур булак, жел дайра,
Агамын барына эркелеп.

Ыр менин күндөлүк азыгым,
Ыр менин түндөгү ашыгым.
Ыр менин күндүзгү жарыгым,
Ыр менин көкөлөр канатым.

Ыр менин жанымдан артыгым,
Жазамын түгөнгүс актыгын.
Ыр менин өткөн күн калдыгым,
Жаза албайм мен андан артыгын.

# КОЖОЯРОВ АСЛАН



*Кожояров Аслан 1961-жылы Айдаркен шаарчасына караштуу Чечме айылында төрөлгөн. Орто мектепти аяктаган соң, Фергана шаарынан радио-техникасын оңдоочу техникумунан билим алган. 20 жылдан бери жаш өспүрүмдөргө музыка сабагынан таалим-тарбия берип келет.*

*Ал акын катары гана белгилүү болбостон, обончу катары да белгилүү. А.Кожояровдун 10дон ашык обондору эл арасында аткарылып жүрөт.*

## БИЗ БАКТЫЛУУ БАЛДАРБЫЗ
## (Балдар ыры)

Биз бактылуу балдарбыз,
Бакчага басып барабыз.
Агай-эжей сөзүнө,
Дайым кулак салабыз.

Биз мектепке барабыз,
Билим таалим алабыз.
Тамгаларды үйрөнүп,
Ак барака жазабыз.

Ата жолун жолдойбуз,
Энее сөзүн колдойбуз.
Жаштык ырын ырдашып,
Жер мекенди коргойбуз.

Эне сүтүн актайбыз,
Ата-журтту мактайбыз.
Шаттык ырын ырдашып,
Ала-Тоону даңктайбыз.

## МАХАБАТЫМ

Жаралгансың мен үчүн булбул болуп,
Жараланган жүрөктө ырлар толуп.
Сезимимди козголтуп койгонсудуң,
Жаз күнүндө ачылган гүлгө конуп.

Жарык берип нуруңа таң атканча,
Жылалбадым алыстап айла канча.
Күнү-түнү уктабай мен барамын,
Жамгыр болуп көзүмдөн жаш акканча.

Жымың этип бирге сен жүргөнүңдө,
Жал-жалым деп жылмайып күлгөнүңдө.
Тармал чачың сыладым эркелетип,
Жаш жүрөгүм ырбатып сүйгөнүңдө.

## АЙДАРКЕНИМ

Асыл таштуу Айдаркеним тоосу бийик,
Асман тирейт аскасы көккө тийип.
Беттен сылап жай күнүндө салкын жели,
Тоо койнунда толо арча, аркар кийик.

Булак сымал кайнап турат дайым кениң,
Суктандырып дүйнө жүзүн сенин жериң.
Ынтымактуу кары-жашың куттуу элим,
Тоо койнунда кооз шаарым Айдаркеним.

Жер астында түгөнбөгөн сенин кениң,
Ала-Тоодой бийик турат сенин демиң.
Күн-түн дебей эмгектенген кенчилериң,
Киндик каным тамган жерим Айдаркеним.

## АЛТЫН БУЛАГЫМ

Суусу сонун булагым,
Толкунданып ыр жаздым.

Туулуп өскөн айылым,
Чечме жерим кымбатым.
Кайнап чыккан булагым,
Бой көтөрүп чынарым.
Элим сенден ыраазы,
Айылдын жагып чырагын.

Көркүң ачып гүлзардын,
Булбул сайрап үн салдың.
Даңкың тарап алыска,
Алтын булагым ырдадым.

## АРМАН

Жактырам мен жал-жал тиктеп караганың,
Жүрөккө эч бир айла табалбадым.
Өкүнөм мен бул дүйнөдө бир нерсеге,
Неге мен бир аз эрте жаралбадым.

Арманым ашып ташып орду толбос,
Шарият да бул сүйүүгө күнөө койбос.
Ай сүйүүм ак тилегим сага арнасам,
Өмүрдө мен байкушта арман болбос.

# ЖАҢЫБАЕВА РОЗА



*Жаңбаева Роза 1984-жылы Ош областындагы Алай районуна караштуу, Корул айылында жарык дүйнөгө келген. Тогуз-Булак орто мектебин аяктаган соң, Оштогу Мамлекеттик Университетте окуп, журналист адистигине ээ болгон.*

*Эмгек жолун Кызыл-Кыя шаарындагы ЮТС теле каналынан баштап, анын башкы редакторлук кызматына чейин аркалаган.*

*Ырлары мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланып келет.*

## ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жердин топурагын жыттадым,
Тургум келбей көпкө жатып уктадым.
Тээ алыста калган экен балалык,
Теребелдин тамчыларын жутканым.

Апам жапкан нандын жытты буркурап,
Ала-Тоодон бүркүт шаңшып ыр курап.
Арча жыттуу асыл жердин көркөмүн,
Атыр гүлдөр ажарлантып кулпурат.

Кечи сонун кереметтүү айылдын,
Кетпей жытты очоктогу чайыңдын.
Кебин билсем жазсам болот тарыхын,
Кылым кезген талдын, арча, кайыңдын.

Тоо ташыңдан кагылайын туулган жер,
Түнөөрсүңөр коюу түндү жамынып.
Түрмөктөлгөн булут кирсе түшүмө,
Түрүнөмүн дайым жолго камынып.

Атың менен мактанамын Алайым,
Ала-Тоого бүткөн сенин таалайың.
Аалам кезип айлансам да кыдырып,
Айта албаймын сендей жерди табаарым.

## ЖАЗЫМ БОЛЧУ МАХАБАТЫҢ ТАМЫЗЫП

Жалынсыңбы? Жан-дүйнөмдү куйкалап,
Жазды күткөн сезимдерди уйпалап.
Жабыркаган мезгилдерим өттүбү,
Жанар оттой ак жүзүмдөн нур тамат.

Келсең, келчи кучагымды ачайын,
Катып жаткан сырларымды ачайын.
Качандыр бир келип-кеткен сүйүүмдү,
Кат сыңары сандыгыма катайын.

Жүрөгүмдүн үнүн укпай тек коюп,
Жүргөндүрмүн көз жашымды агызып.
Жашаш керек жалгандарга чек коюп,
Жазым болчу махабатың тамызып.

## ӨКҮНҮЧ

Көктөм келсе жүрөк кубанат,
Көпөлөктөр ойноп кубалап.
Көөдөн жарып көпкө жаткан сыр,
Көкүрөк тээп өңүм кубарат.

Көксөп жүргөн ошол мүнөттөр,
Көз алдымдан өтүп чубалат.

Жазгы жамгыр төксө нөшөрлөп,
Чагылганы жарк деп өжөрлөп.
Ансыз деле араң турган жан,
Жашып кирет көпкө көнөктөп.
Жаз жыттанган махабатымды,
Жашыра албайм оорум өнөкөт,

Кылыктанып кыздык сезимдер,
Кылчактабай басып кеттимби.
Кыр көрсөтүп махабатыма,
Өз түбүмө өзүм жеттимби.
Өкүнүчтүн отун тыя албай,
Өр таянып алыс кеттимби?

## БАКЫТ КУШУМ

Балбылдаган көздөрүңдү,
Бир көрсөм деп сагынам.
Балдай таттуу сөздөрүңдүн,
Баасы күчтүү дарыдан.
Асылкечим ардагымсың,
Сен деп жашайм өмүрдө.
Жан-дүйнөмдү жабыркаткан,
Жалгыз сырым өзүңдө.

Бакыт кушум бапестейин,
Кончу менин колума.
Балким сен да мен деп жүрсөң,
Гүл болойун колуңа.
Байкабастан кабылдымбы,

Мен деп жайган торуңа.
Бактым сенде сүйүүм сенде,
Баары сенин колуңда.

Күттүрбөстөн келсең боло,
Ансыз жүрөк жаралуу.
Жашка толгон каректерим,
Коюу түнгө кадалуу.
Күүгүм келсе сүйүүбүзгө,
Куру үмүт жандырба.
Кайгыруунун кереги жок,
Баш ийебиз тагдырга.

# НАЗАРБАЕВ АБДИНАБИ



*Назарбаев Абдинаби 1964-жылы Баткен областына караштуу Орозбеков айылында төрөлгөн. Кесиби юрист. 1992-жылы Казак Республикасынын ички иштер кызматынын атайын даярдалган окуу жайын бүтүргөн.*

*Учурда милициянын запастагы майору.*

## ӨЗ ЭЛИҢДИ КУЛ КЫЛБА

Мен бийликтен акча, амал суранбаймын,
Адилетсиз өкүмдарга көз жумуп тура албаймын.
Кан төгүлүп эки бийлик алмашса да,
Максаты жок бийликке таң каламын.

Айтчы бийлик кандай сенин максатың,
Өчүң бардай өзөгүңө өрт салдың.
Кандуу күндөн сабак албай душманча,
Эл байлыгын чет өлкөгө пулдадың.

Байка бийлик, деңиздеги кайыктай адашканың,
Ал кайыкта элиң бар адашпасын.
Чын жүрөктөн кыргыз элим өнсүн десең,
Өзүңө кошо элиңди алдабагын.

Кыргыз элим түбөлүктүү сапарлашым,
Сен да бийлик элиң менен сапар тарткын.
Атуулдук парзым мен бийликтен суранарым,
Өз элиңди чет өлкөгө кул кылбагын.

# ИСАЕВА КАЛДАРКАН



*Исаева Калдаркан 1961-жылы Ош областындагы Ноокат районуна караштуу Төлөс айылында төрөлгөн. Ошол эле айылдагы Кызыл Октябрь орто мектебин бүткөндөн кийин, Ош шаарындагы тигүүчүлүк окуу жайынан билим алган.*

*Эмгек жолун Кызыл-Кыя шаарындагы «Алай» бут кийим тигүү фабрикасынан баштаган. Андан кийин «Мезгил жарчысы» шаардык гезитинде кабарчы, шаардык китепканада бөлүм башчы кызматтарын аркалаган.*

*Учурда үй кызматкери.*

*Ырлары «Мезгил жарчысы» гезитинде жарыяланып келет.*

## МЫРЗА ТЕРЕК

Эсимде биз кичине  балдар элек,
Оюндан жадабаган бир эселек.
Айылдын ортосунда көк тиреген,
Болчу эле жалгыз өскөн Мырза Терек.

Астында булак агып жатаар эле,
Адамдар ал булакты барктаар эле.
Сыйынып бул жер эң ыйык деп,
Чоң энем ойлуу гана айтар эле.

Азырчы? Чоң энемдин көзү өткөн,
Турмуш куруп мен дагы алыс кеткем.
Өкүнөм ойлогондо эми гана,
Терек сырын энекем айтпай өткөн.

Айылга айда келем, жылда келем,
А булак муруңкудан комсоо экен.
Кечиргин эгер катуу айтсам жердеш,
Булгабай ыйык жерди сакташ сенден.

## САГА

Сага барчу жолдоруma,
Санаа бүтүп калган окшойт.
Сагынычым саргайыңкы,
Үмүттөрүм сезим козгойт.

Сага арналган ырларыма,
Сары маржан таксам бекен?
Жалынына махабаттын,
Жалгыз күйүп калсам бекен?

## ӨЗҮҢДҮ КӨРГҮМ КЕЛЕТ

Карекке чөккөн сырлар,
Качандыр катылгандыр.
Элестер өтүп кеткен,
Ирмемге жашынгандыр.

Не деген сырдуу аалам,
Айлана бүт керемет.
Жанымда өзүң болсоң,
Жан биргем ошол жетет.

Кыялым токтоно албай,
Кайдадыр алып учат.

Негедир айлуу тарттың,
Жүрөгүм кетти сыздап.

Кирпигиң ирмелгенин,
Тек гана сезгим келет.
Шыбырын махабаттын,
Өзүңдөн көргүм келет.

Мен сени сүйгүм келет,
Өткүндөй өмүрүмдө.
Сагынтып жамгырдуу кеч,
Калса дейм көңүлүңдө.

## ӨМҮР ӨТӨТ

Чыйыр жолдо
Калып households издер.
Өмүр барат
Өр ашып.
Көңүл калуу
Ойлор бүтпөйт,
Жөө тумандай адашып.

Артта калып
Жаштык күндөр.
Алды жагың бүдөмүк,
Талаа гүлдөр
Суулар агат,
Бирок калдым
Изденип…

## АБДУРАЗАКОВ ШАРИФЖОН



*Абдуразаков Шарифжон 1930-жылы Кадамжай районундагы Үч-Коргон айылында төрөлгөн. 1952-жылы Маргалаң шаарындагы мугалимдерди даярдоочу институтту бүтүргөн.*

*Эмгек жолун Үч-Коргондогу А.С.Пушкин атындагы орто мектептен баштаган. Өмүрүнүн көпчүлүгүн жаштарга билим берүүгө арнаган инсан.*

*«Мелдеш желеги», «Ба пеш» (Алга) деп аталган гезиттердин редактору болуп иштеген.*

*Учурда ардактуу эс алууда.*

*Анын «Атанын насааты», «Ооздон-оозго өткөн насыят», «Ныяз Саркердин баяны», «Турмуш тажырыйбасы», «Өмүр өтсүн сени деп» деген китептери жарыкка чыккан. Кыргызстан жазуучулар бирлигинин мүчөсү.*

### КЕҢЕШ

Ач көздүн багы бак болбойт,
Мал жыйнаса чак болбойт.
Курсагы тойбой бир өмүр,
Казанына аш толбойт.

Сарамжалдуу жашоодо,
Эч бир нерсе кор болбойт.
Тийди-качты турмушта,
Береке артып зар болбойт.

## АЛЫСТАРГА КЕТТИМ МЕН

Көп жерлерди кыдырып,
Элди, журтту көрдүм мен.
Табиятты корго деп,
Тынбай айтып келдим мен.

Адепсиздин кечесинен,
Өзүмдү алып качтым мен.
Асылдарды издеп мен,
Көп жерлерди кездим мен.

Адеп деген зыйнатты,
Ар сукбатта айттым мен.
Мурас кылып насаатты,
Алыстарга кеттим мен.

# ШАКИРОВ АБДИМАНАП



*Шакиров Абдимапап 1954-жылы Алай районуна караштуу, Кара-Кабак айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти бүткөндөн кийин, Ташкент шаарындагы индистральный техникумун, андан кийин Пахтачылык институтун аяктаган.*

*Өмүрүнүн көпчүлүгүн агартуу ишине арнап, Араван районундагы Төө-Моюн айылындагы № 65 Кесипчилик лицейинде 23 жыл бою директорлук кызматта иштеген. Кыргызстан журналисттер бирлигинин мүчөсү. Кыргыз Республикасынын «Элге билим берүүнүн мыктысы». Кыргыз Республикасынын улуттук даражадагы ордо оюну боюнча калысы. Кыргыз Республикасынын дене тарбиясынын отличниги наамынын ээси.*

*Анын «Адепнаама» аттуу китеби эки ирет басмадан чыккан.*

# УСТАЗДЫ УРМАТТОО АДЕБИ

***Түбөлүк күндүн болбойт көлөкөсү,***
***Түгөнбөйт ошондуктан берекеси.***
***Аалы.***

***Өмүрдөн өткөн бакыт жок,***
***Өнөрдөн өткөн билим жок.***
***Элдик макал.***

Устаз- бул Сенин алган өнөрдүн башаты. Сен аны өтө ыйык түшүнгөнүң дурус, себеби ал Сенин экинчи атаң. Ал сага эч качан жамандык каалабайт. Ошондуктан анын

үйрөткөн өнөрүн талбай үйрөнүп, бүткүл дитиң менен аракет кылып, ошол устаздын чыныгы окуучусу болууга тырыш. Эмгектин бал тамган учурун көргүң келсе, устаздын айтканын аткарып, жан-дүйнөң менен эмгектене бил. Ар дайым дилгирлик көңүлүңдө жашасын. Жашоонун ой чуңкуру өтө көп, устазың анын баарын сага жадабай түшүндүрөт, сен аны угуп, көрүп, үйрөнүүдөн жадаба.

Сен устазга мээримдүү бол, кечиримдүү бол. Антпесең өнөр үйрөнүү оңойго турбайт. Устазга урмат кыл, сен да кезегинде устаз болуп калышың ажеп эмес. Адептүү бол, анткени адептүүлүк өмүр зыйнаты. Сага бир өтүмүштөгү «устаздын айласын» айтып берейин, устаз деген устаз да. Устазга өмүр бою карыздар боюнча калышың керек.

«Бир адам күрөшкө түшүү өнөрүн жетик билген атактуу балбан эле. Күрөштүн 360 түрүн илгиртпей билчү, ар күнү ушул усулдарды колдонуп күрөшкө түшчү. Ал өзүнүн шакирттерине күрөштүн 359 түрүн үйрөтүп, бир усулун үйрөтпөй купуя сактады.

Шакирттери күч-кубат, күрөш өнөрү жагынан өтө жогорку даражага жетишти. Алар менен күрөшкө түшүүгө эч ким батынып бара алчу эмес. Бирок, бир шакирти падышага мактанып:

-Жашы да улуу, мени тарбиялап устаз болуп калганы үчүн гана сыйлайм, болбосо мен андан алда канча күчтүүлүк кылам. Күч-кубатым андан кем эмес!-деди.

Анын мактанып сүйлөгөнү падышага жакпай калды. Бир чоң күрөш башталган учурда устаз менен шакирттин күрөшкө

түшүүлөрүн падыша буйрук кылды. Күрөш майданына падыша жана анын жан-жөөкөрлөрү, сарай билермандары, ошону менен бирге жер жүзүндөгү атактуу балбандар баары жыйналышты.

Күрөш башталды. Шакирт өз устазына кутурган пилдей оро-пара келди. Эгерде тоо чоюндан бүтсө дагы, аны өз ордунан көчүрүп жиберчүүдөн бетер каардуу. Устаз шакиртинин күчү өзүнүкүнөн алда канча көп күчтүү экендигин билип, шакиртине үйрөтпөгөн усулду колдонду. Ошондо устат шакиртин өз башынан ашыра көтөрүп келип,

айландырып жерге урду. Жарданып карап тургандар дуу көтөрдү. Падыша устазга ызаат көрсөтүп, тартууларды берди да, шакиртке карап:

-Сен өзүңдү устатыңдан дагы жогору коймокчу болдуң-деп наарazычылыгын билдирди.

Анда шакирти мындай деди:

-Устазым кара күч жагынан мага тең келе алчу эмес. Бар болгону күрөш ыкмаларынын айрымдарын мага үйрөтпөй, купуя сактаган себептүү жеңип алды.

Анда устаты:

-Дал ушундай күндөр болуп каларын туйган себептүү күрөш ыкмаларынан бирөөнү ага үйрөтпөй, купуя сактадым».

Даанышмандардын:

«Досуңа өтө ишенип, ага ашкере дем бере бербегин, күндөрдүн биринде жаза тайып душман болуп калса, өзүңдүн берген демиң менен сени жеңип тынат» дегени бар.

**Улууларга сыртың салып, кылба акаарат,**
**Акааратың өзүңдү жерге чабат.**

Дагы бир икая:

Бир күнү Искендер Зулкайнардан сурап калышты:

-Сиз кимди көбүрөөк жакшы көрөсүз, атаңыздыбы же устазыңыздыбы?

Анда Искендер минтип жооп берди:

-Атамды дагы, устазымды дагы бирдей жакшы көрөм. Атам мени жарык дүйнөгө келишиме, өсүп-өнүшүмө себепкер, устазым атак-даңкка жетишүүмө себепкер болду. Ошол себептүү дагы ушул эки тарбиячыма тең бирдей караймын. Ушул эки кадыр-барктуу жандарга сүймөнчүлүгүм артып, терең урматтаймын.

Таалим-тарбиянын эреже-каадаларына ылайык устат ачык мүнөз, ширин сөздүү, билимдүү, оор басырыктуу, кабаат, токтоо болушу шарт. Чыныгы устат эркек жана устат аялдын тарбиясын алган шакирттерден илимдүү, белгилүү адамдар өсүп чыгат.

«Ойлоном»-деп кейит Бектурсун Алымов өзүнүн «Шакиртиме кат»-деген китебинде,-аттаганат, акын болсом, анда устат жөнүндө укмуштуудай бир дастан жазар элем. Болбосо скульптор болсом…Анда насилии каухар да, мрамор

да, алтын да, күмүш да эмес, башка бир белгисиз асыл заттан, тээ алда кайдан көрүнө тургандай кылып, мугалимдин эстелигин орнотоор элем… Болбосо мукам үндүү обончу болсом, анда устаттын укмуштуу улуу ишин бир мукам, не бир асем кайрыкка салаар элем».

Андан ары:-өзү аткара албай калган ишти аткаруу үчүн шакирттин даярдабаган, өз идеясын улантуучу окуучусу жок устат эмес, ал бир тирүүнүн өлүгү-дейт.

Көрсө, адам өзү гана өнөр үйрөнбөстөн, аны башкаларга да үйрөтүүсү керек жана зарыл нерсе тура. Устат болуш үчүн өз устатын ардактап, аны ар дайым сый-урмат менен күтүп, кадырлоо талапка да, адамгерчиликке да, адептүүлүккө да арзый турган бийиктик.

# ДАДАЕВА ЖАРКЫНАЙ



***Жаркынай Дадаева 1990-жылы Баткен облусуна караштуу Кадамжай районунун Халмион айыл окуругунун Чекелик айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.***

***«Жошук» орто мектебин ийгиликтүү аяктап, учурда БатМУ КГПИнин филолигия факултетинин 2-курсунун студенти. «Нур борбордун» туруктуу мүчөсү. Проза жанрында өзүнүн күчүн сынып келет.***

## ӨЧПӨГӨН НУР
***Новелла***

…Таң эрте менен акырын ак сыргыл, нурларын чачып, бүт ааламга өзүнүн жарыгын тараткан Күн эми минтип өз уясына батып бара жатат… Кудум эле адамдын өмүрүнө окшоштугун кара. Адам эчен жылдап торолуп, эмгектеп, өмүр кечинин ысык-суугуна чыдап, анан акыркы өмүр сапарына бет алат.

Күн болсо чыгып, кайра батып, эртеси кайра жаңы өмүргө келет. Адам баласы андай кыла албайт, эң өкүнүчтүүсү да, айрымачылыгы да ушунда болсо керек…

Аялдамада жалгыз олтурган жаным, не түркүн керемет ойлорго магдырап, асмандагы ак булуттар менен сырдашып, алардын айланып жер кезгенине суктанып сурагым келди. Алар үнсүз мелтирешип өз сапарын улап жатышты. А мен болсо ойлор менен алп урушуп, дагын деле кыялдарымдан ажырай албай жаттым…

…Өмүр Күңгө тең болсо не? Көз ачып жумгандай аралыктагы жашоо деген сөздүн узундугун да, кыскалыгын да ченеп өлчөөгө болбойт. Адам деген ушунчалык көз ирмемдик өмүргө тете белем. Көп, андан көп жашаса болбойт беле…

Мен бүгүнкү бир күндүк жашоомдо эмне жасай алдым. Эмне менен алек болдум… Ушул суроолорго жооп издей, чоң жолдун бою менен тиги улуулуктун жолун көрсөткөн, Күндүн акыркы шоолалары менен тең жарыша үйгө бараттым.

Күн… Жол… Өмүр… Кыска сөздөрдүн кыйырына жете албаган ойлорум менен чамгарактап чалыгып келем. Күндүн өчпөгөн нурлары ааламды айланып кетти. А мен аны эртеңки таң менен тосуп алууга барам.

Тиги күн батып бараткан тоолордун учтары алтын жалатылган буюмдарга окшоп, көзгө өзгөчө бир керемет тартуулайт. Ал улуулуктун, тазалыктын, түбөлүктүүлүктүн символдору. Биздин жашоо, тирүүлүгүбүз мына ошол батып бараткан, Күн желелерине байланганына жүрөгүмдөн ынанып да, ынанбай да бара жаттым…

МАЗМУНУ

Шамшидин кызы Жазгүл……………3
Садридин кызы Ноорузгүл ……..…6
Эрназарова Жаннат…………………9
Жыргалбай кызы Жыпаргүл……….12
Пахыров Курсан……………………..14
Жекшенова Роза……………………...21
Абдукаримов Сабыралы…………….23
Бурханов Сражидин…………………30
Кеңеш кызы Айпери ………………..34
Эсенов Каныбек……………………...37
Мамажанов Сапар…………………...43
Кутпидин кызы Азиза……………….48
Кабылова Уулбүбү..........................51
Аязова Тажигүл………………………56
Маматова Самара……………………61
Исиратилла кызы Айсулуу………......65
Жоробеков Абдуназар……………...67
Төлөнова Толгонай……………….....70
Кожояров Аслан……………………74
Жаңбаева Роза………………………77
Назарбаев Абдинаби………………..81
Исаева Калдаркан …………………..82
Абдуразаков Шарифжон…………..85
Шакиров Абдимапап………………87
Дадаева Жаркынай…………………91

## ЭСКЕРТМЕЛЕР ҮЧҮН

**Нур булак**

Ежегодный литературный поэтический альманах молодых авторов

Выпуск 1
На кыргызском языке
Для молодежи

Издательство «BOOK-BLANK»

Түзгөн: **Сабыралы Абдукаримов**
Редактору: **Курсан Пахыров**
Техн. Редактор: **Тургунбек кызы Самара**
Корректору **Садридин кызы Ноорузгүл**

**Кымбатуу окурмандар!**

Алгачкы жарык көрүп жаткан альманах жөнүндө өзүңүздөрдүн ой-пикириңиздерди жазып жиберсеңиздер.
Кийинки чыга турган саныбызга чыгууну каалагандар болсо, Республикалык «Нур борбор» чыгармачылык жаштар бирикмесинин Баткен областтык бөлүмүнө кайрылсаңыздар болот.

Терүүгө берилди 07.06. 12. Басууга 09.07.2012
Кагаздын форматы 84х60 $_{1Y16}$ 6 басма табак
Буйрутма №50, Нускасы 500

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236.